А. Ж. Муратов, Р. А. Асакеева, Б. А. Кыдырбаева

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## 5-класс

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

Бишкек – 2018

УДК 372.8
ББК 74.261.8
М 91

**Муратов А. Ж., ж. б.**

М 91 Кыргыз адабияты: 5-кл.: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо./А. Ж. Муратов, Р. А. Асакеева, Б. А. Кыдырбаева – Б.: Билим-компьютер, 2018. – 112 б.

ISBN 978-9967-31-811-3

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо жалпы билим берүүчү мектептердин программаларынын негизинде түзүлдү. Колдонмодо ар түрдүү сабактардын моделдерин, схемаларын, стенограммаларын, конспектилерин, мугалим менен окуучу диалогунун ар кыл учурларын, окуу материалдарынын фрагменттерин сунушталды. Бул материалдар мугалимдерге жол көрсөтүп гана бербестен, алар үчүн өздөрүнүн тажрыйбаларын башка бирөөлөрдүн ишмердүүлүгү менен салыштырууга да шарт түзөт.

Методикалык колдонмо 5-класста кыргыз адабиятын окутуучу мугалимдерге арналат.

**М 43006010400–18**

**УДК 372.8**
**ББК 74.261.8**

ISBN 4306010400–18

© Автордук жамаат, 2018
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2018

# КИРИШҮҮ

Азыркы учурда ааламдашуу процессинин ыкчам таасири дүйнөнүн туш тарабына өтө тез жетип, адамдардын аң-сезими ар түрдүү көз караштардын, диний жана саясый агымдардын мурда болуп көрбөгөндөй күүчтүү толкунуна кабылды. Ушундай процесс бул дүйнөдө жашап жаткан инсандарды ички руханий дүйнөсүн тышкы таасирлердин булганыч идеяларынан «фильтирлеп» өткөрүүчү күчтүү «тосмолордун» болушун талап кылат. Мына ошондой «тосмолордун» бири болгон адабият Батыш менен Чыгыштан, Түндүк менен Түштүктөн келип жаткан «массалык маданияттын» жана пенденин өзүнүн ички дүйнөсүнөн башбагып чыга калуучу руханий кыйроого алып баруучу кесепеттерден адамдарды сактап кала алат деген ишеним дале болсо коомчулукта жашап жаткан кезде биздин китеп ошол адабиятты жалпы билим берүүчү мектепте окутууга арналып жатышы мыйзамченемдүү көрүнүш.

Эртеңки коомдун рухий тазалыгы, адеп-ахлактык көрөңгөсү көп жагынан мектепте билим жана тарбия берүүгө байланыштуу болгондуктан ал жерде окутулуучу предметтерди гумандаштыруу, адамзаттын байыртадан бери түзүп келе жаткан салттарын улантууну көздөөсү, жаштарды ыйман-ынсапка үйрөтүүсү башкы милдеттердин бири болуп эсептелет. Ал эми муну гумандуу педагогиканын идеяларысыз, жалпы эле педагогиканын, анын ичинде адабиятты окутуунун методикасы илимисиз ишке ашыруу мүмкүн эмес.

Китеп-колдонмодо биринчи кезекте акын-жазуучулардын чыгармаларынын көркөм тексттеринде камтылган идеяларды «суурул» чыгып, аларды азыркы замандын кырдаал-шартына ылайык, баланын сезимине таасир бере турган деңгээлге жеткирип көтөрүп чыгуу, тексттеги баалуулуктарды бала жүрөгүнө жеткирүү, көркөм сөздүн күчү менен бала дилин жараксыз жүрүм-турумдарга жеткирүүчү жолдордон бошотуу, баланын өзү менен өзүнүн, өзү менен сүрөткердин ортосундагы диалогун уюштуруу милдети коюлат. Дал мына ушул диалогду уюштурууда адабият сабагы, адабият мугалим чечүүчү фигура болсо, биздин китеп ошол сабак менен мугалимге жол көрсөтүүчү багыт, алардын ишин майнаптуу уюштуруунун айрым бир ыкмаларын, жолдорун көрсөтүп берүүчү куралдардын бири болуп саналат.

Окуучулардын рухий калыптануусун коомдук шарттарга ылайыктап жүргүзүү, улуттук салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды бирдикте алып жүрүү идеялары дүйнөлүк жана

биз мурда таянып келген советтик, ошондой эле кыргыз педагогика илиминде бир топ терең изилдегендигин белгилөөгө тийишпиз.

Биздин колдонмонун контексттинде кыргыз адабиятынын материалдары, тагыраагы, көркөм чыгармаларды инсанга багыттап, гуманисттик билим берүүнүн иштелип чыккан принциптери колдонулат, экинчиден, адабиятты башка предметтер менен интеграциялап окутуу методикасынын (адабият – тил, адабият – тарых, адабият – коом, адабият – адеп, адабият – искусство предметтери ж. б.) табылгалары пайдаланылат; үчүнчүдөн, Кыргызстандын жана жалпы эле дүйнөнүн жаңы доору, коомдук турмуштагы өзгөрүүлөр адабий чыгарманы да жаңыча түшүнүүнү жана түшүндүрүүнү талап кылгандыктан, бул фактор да эске алынат; төртүнчүдөн, илимдин, технологиялардын өсүүсү дагы маселеге жаңыча өңүттөн көз салууну күтөт; бешинчиден, ааламдашуунун таасири азыркы окуучулардын ой жүгүртүүсүн да өзгөртүп, алардын түшүнүктөрүн башка багытка бургандыктан, мугалимдин текстти түшүндүрүүсүн да кандайдыр бир деңгээлде жаңы нукка салды.

Кыргыз жаштарына «массалык маданияттын» таасиринин күчтүүлүгү, китепти электрондук кат (E-mail), телекөрсөтүү, интернет, чөнтөк телефону, DVD, электрондук оюндар, караоке, бий, SMS каттары, жарнама ж. б. руханий экологияны бузгучтар алмаштырып жатышы, орто мектепти бүтүрүүчүлөрдүн оозеки жана жазуу речинин төмөндүгү, окуучулардын окурмандык маданиятынын өксүктүгү, балдардын адабий-эстетикалык табитинин жогору болбой жатышы кандайдыр бир даражада азыркы адабият сабактарында көркөм чыгармалар менен ар тараптуу иштөө үчүн мугалимдин камылгасынын жетишсиздиги менен байланышат.

Көркөм адабият коомдун өзүн өзү таанып билүүсүндө, өткөндөрдү эске түшүрүүсүндө, жаштардын аң-сезимин гумандаштырууда, эне тилдин байлыктарын өздөштүрүүсүндө эбегейсиз чоң кызмат аткарат. Ааламдашуу процесси аябай тездик менен жүрүп жаткан учурда, адамзат өз баскан жолун кайра-кайра аңдап үйрөнүүгө барбаса, туюкка кептелери дайын болуп турган, маданияттардын диалогунун зарылдыгы күн өткөн сайын актуалдашып жаткан азыркы шартта мектепте окутуулуучу адабият предметине өзгөчө милдет жүктөлгөн.

Адабият предмети – бул көркөм чыгарманы аңдап түшүнүү жана ошол түшүнгөндөрүн турмушунда пайдаланууга үйрөтүү предмети. Андыктан да биздин бул колдонмо мектепте окутуулуучу көркөм чыгармалардын тексттерин терең үрөнүүнүн азыркы

заман талап кылган жолдорун жана ыкмаларын көрсөтүүгө багытталды. Ал жолдор жана ыкмалар негизинен салттуу методикага таянат, ошол эле кезде айрым учурда инновациялык усулдар да сунуш этилүү менен, эмгекте дүйнөлүк илимдин жетишкендиктерине да, кыргыз мугалимдеринин тажрыйбаларына да, өзүбүз окутуу практикасында сынап көргөн ыкмаларга да таяндык.

Коомдун руханий өсүүсү ошол коомдогу улуттун келечеги болгон балдардын жана өспүрүмдөрдүн китеп окуу маданияты менен да өлчөнүп келген жана өлчөнө бермекчи, биз дал ошол окурман коомду жаратуу үчүн кыргыз адабияты сабагында мугалим көркөм чыгарманы интерпретациялоодо кандай жолдорду тандап алып, кандай ыкмаларды методикалык инструментарий катары пайдаланса, анын чыгармачылык эмгеги үзүрлүү болуп, өз акыбетин кайтарат деген суроого илимий-педагогикалык багытта ой жүгүртүп, аны чечмелеп көрдүк.

Ошондуктан китепте ар түрдүү сабактардын моделдерин, схемаларын, стенограммаларын, конспектилерин, мугалим менен окуучу диалогунун ар кыл учурларын, окуу материалдарынын фрагменттерин сунуш эттик, бул материалдар мугалимдерге жол көрсөтүп гана бербестен алар үчүн өздөрүнүн тажрыйбаларын башка бирөөлөрдүн ишмердүүлүгү менен салыштырууга да шарт түзөр беле деген ойдо болдук жана V класста кыргыз адабиятын окутуучу мугалимге жардам болор деген ниетте ушул китепти тартуулап отурабыз.

*Авторлор*

# АЗЫРКЫ УЧУР ЖАНА АДАБИЯТ САБАГЫ

## 1. Ааламдашуу агымындагы адамзат, адабиятты окутууга коюлган талаптар жана кыргыз адабиятын үйрөтүүнүн бүгүнкү проблемалары.

XX кылымдын соңку он жылдыгы, XXI кылымдын башы коомдук турмушту чоң өзгөрүүлөргө бурду, СССР деген улуу держава кулап, анын ордунан эгемен мамлекеттер өсүп чыкты жана алар мурдатан тутуп келген өнүгүш жолунан, идеологиясынан баш тартып, жаңы жолду – рынок жолун тандап алды. Бул өзгөрүүлөр билим берүү тармагын реформалоону, же айрымдар айткандай модернизациялоону талап кылды. Ал адабиятты окутууда да кадыресе көрүндү. «Адабият – атомдон күчтүү, бирок анын күчүн отун жарууга сарптоого болбойт», – дейт жазуучу А. Каххар. Мына ошол атомдон күчтүү адабият мектептерге өзүнчө сабак болуп, атайын саат бөлүнүп окутула баштагандан бери эле аны кантип, качан, кандайча окутуу керек деген маселе күн тартибинен түшпөй келе жатат. Жазуучу ой калчап, турмуштан, тарыхтан, өз башынан кечкен окуялардан кынаптап, айрым каармандарды, эпизоддорду ичинен токуп, кошумчалап, көркөм чыгарма жаратат, эгер ошол чыгармасы мектеп окуучуларына жарактуу деп табылса жана улут адабиятындагы этаптуу чыгармалардын бири катары кабыл алынса анда окуу программасына сунуш кылынат. Программаны түзүүчүлөр сунуш кылынган чыгармаларды бир нече критерий менен тандап алат. Азыркы колдонулуп жүргөн программада төмөнкүдөй критерийлер (чен-өлчөмдөр) жетекчиликке алынган: *«адеп-ахлактык чен-өлчөм*: чыгарманын бийик моралдык-этикалык асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү, тарбиялык-таанытуучулук потенциалы; *эстетикалык-көркөмдүк чен-өлчөм*: чыгарманын көркөм формасынын кооздугу жана анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу; *лингвистикалык чен-өлчөм*: адабий тилдин нормасында болуп, жалпы калк үчүн түшүнүктүүлүгү; *психологиялык-педагогикалык чен-өлчөм*: чыгарманын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүүчүлүк кызыкчылыгына, муктаждыгына ылайык келиши; *жанрдык-тематика-*

*лык чен-өлчөм*: чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү».

Демек, кыргыз адабиятында окутууга сунуш кылынган чыгармалар да мына ушундай критерийлерге салынып «электен» өткөн. Ошол тандалган чыгармаларды таасирдүү кылып жеткирүү – адабият мугалиминин биринчи кезектеги милдети. Аны үчүн мугалимге эң алды жардам көрсөтүүчү инструментарий бул – көркөм адабият. Ал эми көркөм адабияттын жаны – көркөм текст. Көркөм текстти окуучуларга жеткирүү ишмердүүлүгүн ишке ашыруучу предмет – адабият сабагы. Бул сабак тууралуу орус акыны А. Твардовский «ал сабак көңүл ачуу же башка сабактардын арасында дем алуу сабагы эмес» экенин айтып, адабият сабагы «шыктануунун, эмоционалдык көтөрүлүүнүн, андан өтүп ыймандык тазалануунун» сабагы болоруна басым жасайт.

Буга чейинки адамзаттын прогрессивдүү кыймылы ар дайым китеп окуу менен байланышып, улуттардын, элдердин, адамдардын жеткилеңдиги, маданияттуулугу китеп окуу менен өлчөнүп келген. Жаңы XXI кылымга өткөндө мурдагы кылымга салыштырмалуу адамдардын китеп окуу кызыкчылыгы сууду. Атайын изилдөөлөр Англияда балдар менен өспүрүмдөрдүн китеп окуу ишмердүүлүгү төмөндөп кеткендигин аныктаса, Германияда жаш немецтердин китеп окуп жаткан көрсөткүчү билинген кезде бүт өлкө «шок абалында» калган. Окуучулардын билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борбору (PISA) өнүккөн 32 өлкөнү тандап, алардын китепти кандай окуп жатканын изилдеп көрсө, Орусия Федерациясы 28-орунга түшүп кетиптир. СССР (анын ичинде Орусия Федерациясы, Кыргызстан) дүйнөдөгү эң окумал өлкө катары жарым кылымдай мезгил бою алдына башкаларды салдырбай келген[1].

Социологиялык изилдөөлөр боюнча төмөнкү класстарда окуучулардын 43%ы «мага китеп окуган жагат, көп окуйм» деп айтса, 10-класста бул көрсөткүч 17%га түшкөн, буга карама-каршы «аз окуймун, жактырбайм» дегендер төмөнкү класстарда 8% болсо, жогорку класста 17%га жеткен. Ору-

[1] Чудинова В.П. Чтение детей и подростков в России: проблемы и перспективы//Школьная библиотека. – 2003. – №8, 46–53-беттер.

сияда 2001-жылдагы изилдөө боюнча китепти окуучулардын 43% үйүндөгү китепканалардан, 18%ы массалык китепканалардан, 16% дүкөндөрдөн сатып алып, калганы бирөөлөрдөн жана мектеп китепканаларынан алып окушкан. 11–14 жаштагы өспүрүмдөрдүн окурмандык кызыгууларын эске алганда 16%ы жаратылыш жана жаныбарлар тууралуу, 11%ы приключения жана «ужастиктерди», 8%ы фантастиканы, 7%ы жомокторду, 7%ы техника тууралуу, 4%ы тарыхый темада окуганды жактырары аныкталган[2]. Кызык факт: жыл өткөн сайын балдардын жомок окууга кызыгуулары төмөндөп баратат, бул азыркы замандын, урбанизациянын, глобализациянын таасири менен балдардын элдик фольклордон алыстап бараткандыгын көрсөткүчүбү? Ошол эле кезде окуучулардын жашы жогорулап, турмуштук жана окурмандык тажрыйбасы жыйналган сайын алардын китеп окуудан көңүлү калууда.

Өткөн кылымдын аягында Батышта башталган «китеп окуу кризиси» Кыргызстанга да тез эле тарап, электрондук маданият, видеопродукциялар, ар кандай мультимедия китеп менен атаандаштыкта аны алып жыгып гана калбай, тебелеп-тепсеп келе жатат. Шаарларга гана эмес Ала-Тоо аймагындагы кыштактарга дейре компьютердик оюндардын ооматы басып, өмүрү китеп окубаган өзүнчө эле бир «мультимедиялык муун» өсүп чыкты. Анан калса жалпы эле Кыргызстанда билим берүү системасы кризистик абалда, PISA эл аралык уюмунун изилдөөсүнө алынган 57 мамлекеттин ичинен Кыргызстан эң акыркы – 57-орунду ээлеген, 8-класстын окуучуларынын мамлекеттик стандарт талап кылган билимди өздөштүрүү деңгээли 40%га да жетпеген (2007-жылдын маалыматы).

Мына ушундай абалдан алып чыгууда кыргыз адабияты сабагы өзүнүн функциясын толук аткара албай тургандыгы түшүнүктүү.

Учурдагы кыргыз турмушундагы кризистин башкы себеби – бир коомдон экинчи коомго, тоталитардык-буйрукчул системадан жарым-жартылай демократиялык коомго өтүү мезгилиндеги адамдардын аң сезиминдеги боштук, мурдагы түзүлгөн идеалдардын кыйрашы, жаңы идеяларды аң сезим-

[2] Чудинова В.П. Чтение детей и подростков в России: проблемы и перспективы//Школьная библиотека. – 2003. – №8, 46–53-б.

ге алып келер идеологиянын жоктугу, рынок шарттарына байланыштуу калктын психологиясындагы өзгөрүүлөр, мектептин, мугалимдин, ата-эненин жана окуучунун башына түшкөн экономикалык кыйынчылыктар. Дал ушундай кезде балага өбөк болор көп нерсенин бири адабият болууга тийиш. Анткени адабият – адам жанын жыргатчу да, кууратчу да, кайгы-кубанычына ортоктош болуучу да бир кумарлуу нерсе. Эгер бала адабиятка жакын болсо, анда ал ошол сыйкырдуу дүйнөдөн баарын табат. Ал дүйнө бейиш багындай жайнаган мөмөлөрү да, гүлдөрү да, суулары да бар ажайып бир мекен-жай. Ал дүйнөдө «үзүлгөндү улаган, чычылганды жыйнаган» Бакайлары бар, «ичин карап отурсаң жер жүзүнөн кең болгон, ак калпак кыргыз элине Ала-Тоодой бел болгон» Манастары бар, «ак марал кууп, уй кылган, алыша кетип душманды, айдап жүрүп буй кылган» Семетейлери бар, «шилтегени албарстай, ирмегени жолборстой» Эр Табылдылары бар байыркы жомоктор ааламы. Ошол дүйнөнү ошол бойдон ачып берүү бул биринчи кезекте адабият мугалиминин милдети эмеспи.

«Поэзия – адам рухунун туундусу. – дейт акын С. Эралиев, – Ал рух ар бир пенденин жүрөгүндө болсо, биз жалпы адамзаттык рух акыл-эсине ээ болор элек. Куран да, Библия да күчтүү поэзиянын үлгүсү. Ислам дининин өзөгү, курандын сөзү – поэзиянын сөзү. Бу ыйык сөз адам баласын нечен кылымдардан бери – амандык, тазалык жолуна карай баштап келет. Демек чыныгы поэзия ал адамды дүйнөдө аман калуу жолуна, тазалыкка баштап барат... Менин оюмча адабиятты саясат менен аралаштырбоо керек. Адабият адамдын ички талабына багышталган көркөм дөөлөт. Жогорку идеялуулукка жамынып канча коньюктуралык чыгармалар «жогорку идеялуулугу үчүн» деп аталган баа менен мамлекеттик сыйлыктарга чейин арзыды. Ал эми дүйнөлүк атактуу жазуучу Сэмюэл Беккетке «Азыркы адамдын жакырлануусун терең ачып бергендиги үчүн» деген токтом менен Нобель сыйлыгы ыйгарылган. Адабият эң оболу турмуштук болсун»[3]. Дал ушул таланттуу акын айткан «адам рухунун туундусун», «эчен кылымдардан бери амандык, тазалык жолуна баштап

[3]Эл өзү билет: акын С. Эралиевдин С. Раев менен маеги//Советтик Кыргызстан. – 1990, 22-февраль.

келген», «адамды дүйнөдө аман калуу жолуна» жетелеген, «адамдын ички талабына багышталган көркөм дөөлөт» делген сөз өнөрүн канткенде бала дүйнөсүнө багыштап, баланын чаңкап турган чөлдөгөн талаасын канткенде анын жамгыры менен көнөктөтүп чыгабыз деген суроо – кыргыз адабиятын окутуу багытындагы илимпоздун да, мектеп мугалиминин да көкүрөк дарты.

Айрымдар азыркы мектепке педагогикалык технологияларды, окутуунун форма жана методдорун өзгөртүү керек деп, бир предметти башка бир же бир нече предмет менен интеграциялоо (адабият – риторика, адабият – тил – риторика, адабият – адеп сабагы ж. б.); окутуунун жамаатташкан ыкмаларын практикалоо; семинар, коллоквиум, дискуссия, адабий сот, адабий жана экологиялык окуу, мини-практикум сыяктуу салттуу эмес жолдорду колдонуу керек дейт. Мунун бири – интерактивдүү окутуу. Интерактивдүү деген терминдин мааниси «интер» деген сөз «өз ара карымкатышта», «колкабыш кылышып» дегендей мазмундагы орустун «взаимный» деген сөзүнө туш келерин жана ага «акт»-«кыймылдуу көрүнүш» («действие») деген жалгашарын айтып, мунун маңызы окуучунун аңгеме-сукбаты, диалогу (компьютер менен, башка бирөө менен) дейт да, мындай ыкмада окуучу өзүнүн интеллектуалдуугун сезет, окуу процессин натыйжалуу кылат, ошондой эле бул жол менен иштөөдө ар бир тапшырмага дээрлик бардык окуучулар катышат дейт. Автор окутуудагы жамааттык иштердин «чоң тегерек», «уч», «аквариум», «мээ чабуулу», «дебат» сыяктуу формаларын сунуштайт.

«Литературная газета» Ирина Стрелкованын «Учебник литературы как общенациональная катастрофа?» деген макаласы менен азыркы адабиятты окутуунун актуалдуу маселелери боюнча талкуу ачып, ошол талкууга катышкан белгилүү социолог, академик И. В. Бестужев-Лада адамдар балдардан оолактап баратканын айтып, айылдагы бала – жардамчы, тирүү жөлөкпул болсо, шаарлыктар – керексиз жүк, өспүрүмдөр – душман, жаштар – бөтөн бирөөлөр, балдар да, үй-бүлө да керексиз болуп калды, жакында маалымат булактары: интернет, мобилдик телефондор басып кетип, алардан «төңкөрүш качан болгон» деген суроого жооп алгандан тартып, сочинениелердин толук топтомун таап аласың

дейт. Окумуштуу жумалык окуу жүгүн 39 сааттан ашырбоо, б. а. 5 күн 6 сааттан окуп, тапшырмага бир жарым саат бөлүү керек дейт да, адамдар ар кыл болгондой эле билим берүү да ар кыл болуш керектигин белгилейт, ошон үчүн адабияттан бир класска беш түрдүү окуулук жазылышын сунуш кылат. Кадимки окуу китебин толуктоо үчүн ал «адистешкен» (ким ошол предметти адис катары тандап ала турган болсо); «көтөрүлүүчү» - «продвинутый» (жанагыдай адистикке каалоосу жок, бирок дээринде бар зээндүүлөр үчүн); «жалпылап тааныштыруучу» (предмет тууралуу жалпы жонунан билип алгысы келгендерге); «коррекциялык» (окуудан кыйналгандарга) окуу китептери зарыл дейт. «Киши адабиятчы болгусу келеби – анда ямб жана амфибрахийлерди окусун, ал катардагы окуучуларга керек эмес. Башкалардын адабиятты көрөйүн деген көзү жок! Алар үчүн Татьяна Ларина – жөн гана Танка! Ага эки жүз барактык курс менен тааныштырып гана тим болгула – ошол башкы нерселерди гана билип алсын!», – дейт. Андан ары ал аалым «сазда рухийлик жок, биз азыр сазда тыгылып турабыз» деген оюн ортого таштайт.

Жогорудагы пикирден улам бизде, кыргыздарда да элдин турмушу адабиятсыз бир күн да өтпөгөнүн айта кетүү керек. Бала төрөлөрү менен эки-үч күн өтпөй анын бешигинде бешик ыры жаңырган. Эрте менен Күндүн көзү көрүнгөндө атасы, энеси, бир туугандары баланы ойготуп жатып ага жок дегенде бир макал айткан, мал кошкону барганда карыялар дөң үстүндө туруп алып эзелки окуяларды не бир көркөм сөз менен айтып берген, киши өлгөн жерден трагедиянын туу чокусунун символу – кошок кошулган, жайлоодо манасчылар, төкмөлөр не бир сөз гүлдөрүн тандап элди эриктирбеген, эки адам бири-бири менен аскиялашса да, тамашалашса да, ыр менен жамактатып айтышса да кеп казынасын калпып, сөз каймагын терип сүйлөгөн. Кыштын узун түндөрүндө табышмак, жаңылмач айтып, жомок кууп бүт калайык калк сөз өнөрүн кастарлаган. Не бир кызыл кыргындардан сөз баккан кишилер сактап калган. Дүйнөдөгү теңдешсиз оозеки чыгарма да биздин элде жаралган. Адам туулгандан өлгөнгө чейинки бүт ырасым-салттарын ыр, сөздүү ый, күү коштойт. Мындай уникалдуу калктын канына сиңген көркөм сөздү, тарбия-таалим берүүнүн эң башкы булагы болгон эне тилдеги оозеки жана жазма адабиятты, адам болуп калыптануунун

бир таяныч-сүйөнүчү болгон маданияттын түрүн анан кантип азыркы кыргыз баласынын турмушунан алыстатып ийебиз?

Бул деген окуу предмети катары адабияттын ролун арттыруу керек дегендик эле эмес, мында бүтүндөй бир улуттун маданияты, сезим-туюму, идеясы, идеологиясы, андан өтүп, жалпы турмушу, кала берсе эртеңки келечеги камтылган чоң нерсе жатат.

Ошол нерсени таап чыга алабызбы? «Манас» бүтүндөй кыргыз турмушунун энциклопедиясы болгон сыңары, кыргыздардын адабияты – сөз өнөрү алардын педагогикасы да, психологиясы да, математикасы да, астронономиясы да, дини да, эстетикасы да, этикасы да, социологиясы да, психологиясы да, саясаты да, кала берсе, алардан өтүп, калктын каны да, жаны да. Эми азыркы мектептин бүтүрүүчүлөрүн карап көрүңүз: Токтогул Сатылганов жөнүндө дил баян жазууда бирөө акын Алымканды алып качкандыгы үчүн колго түшүп, Сибирге камалат десе; экинчиси «Токтогул ата-энесинен ажырагандан кийин интернатка барып орношот» дейт; үчүнчү бирөө акындын «... интернатка орношуп ошол жерден окуп билим аларын» жаңылык катары ачат. «Токтогул – драматург», «Токтогул – прозаик» деп мүнөздөмө бергендер да бар. Мына ошолор, биздин окуучулар, адабий фактыларды да билбейт, андан ары өтүп, ошолордун чыгармаларын талдай алат деп деги эле ишенбейсиң. Бул, же тигил жазуучу жөнүндө сүйлө десең китептеги ашмалтайы чыккан даяр эпитеттер менен «адабияттын чолпон жылдызы», «залкар акын», «таланты ташка тамган жазуучу», «жоокер акын», «кара сөздүн чебери», «кыргыз совет адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири» деп ошол жазуучу-акынды башынан аягына чейин мактайт, акын-жазуучунун өмүр жолун, алган сыйлык-наамдарын санап чыгат. «... эгер адабият сабагында башкы көңүл адабияттын өзүнө бурулбаса, анда ар кандай маалыматтар санакка алына берсе, мындай учурда адабият сабагынын саатын кыскартып гана таштоо керек»,– дейт адабиятты окутуунун москвалык белгилүү адиси Л. С. Айзерман. Ал: «Билесизби, деп айтат менин бир окуучум, эгер Гоголь өзүнүн «Өлүү жандары» мектепте кандай окутулуп жатканын көргөн болсо, анда ал дароо эле ошол биринчи томун жагып салмак»,-деп жазат. Ошол эле макаласында белгилүү методист азыркы мектеп практикасында кеңири практикала-

на баштаган тест сынактарын сынга алып, аларды эч кимге керексиз, примитивдүү бир нерсе катары баалап, окуучунун адабий билимин текшерүүгө жараксыздыгын айтып, жалпы эле адабиятты окутуу методикасы азыр адабияттан тапшыруу (сдавания) методикасына айланып жатканына каңырыгы кашаят.

Адабиятты балдарга жеткирүүнүн башкы формасы – сабак. Класстык-сабак системасын азыр эскирди дегендер бар. Ал окутуу формасынын «атасы» катары ушул күнгө чейин епископ жана кудайтаануучу, саясатчы жана аалым, коомдук ишмер жана педагог Ян Амос Коменскийди айтып келгенбиз. «Баарын баарына үйрөтүү керек» деген принцип менен класс-сабак системасын ойлоп тапкан. Бул системаны эскиртпей, ага жаңы түс берип, жаңы ыргак кошкондор толтура. «Сабак бул – искусство, аны ошол искусство деңгээлине көтөрүп чыгуу керек. Ушундай сабактар болот, тим эле алар кайсы гана театрдагы кайсы гана спектаклден болбосун өйдө турат – чыңалуу менен ойнолот, керемет жана драмалык жагдайлар толтура. Педагогикада сабактын драматургиясы тууралуу айтылбай келет: мунусу абдан өкүнөрлүк, жакшы сабакта чиелениш, түйүндөлүш жана алардын чечилиши, татаал жолдордун кыймылы, текст жана подтекст болот» (С. Соловейчик). «Сабак бул – жардам. Кимдир бирөөгө тез, кимдир бирөөгө кечиктирилгис, дагы кимдир бирөө азырынча кое турат» (Е. Ильин). «Сабактын кырк беш мүнөтү – бул ойлор жана сезимдер пресстелип, чулуланып, топтолгон биргелешкен эмгектин бир кертими, анда бирөө экинчи бирлерине билим жолунда өзүнчө адымдоону, ойлогондорун эстеп калууну жана андан ары колдонууну үйрөтөт. Сабак! Улуу урматтуу Сабак! Мектептин башы, денеси, руху» (В. Федорова). «Мугалимдин ар бир сабагы – бул башталыштардын башталышы жана улангандардын уландысы, бул – сөздүн кеңири маанисинде айтканда биздин рухий атмосферабызда чагылдырылбай койбойт» (В. Распутин). Мына ушул сабак жөнүндө көтөрүңкү рухта айтылган сөздөр канткен менен чындыктын үлүшүн сактап турат.

Ушундай эле нерселерди адабият мугалими Е. Н. Ильинге карата багыштоо да жөндүү. Аны үчүн жалпы класстык жумуш, бүт класс менен полилог (сукбатташуу) уюштуруу баарынан маанилүү. Албетте, көп көңүл окуучунун текст

менен жекече иш жүргүзүүсүнө бурулат. Ал ушунчалык чеберчилик менен сабагын өткөрөт деңиз, анан ошонун баары жалпы класстык сабактарда эле, түп тамырынан бери жааматтык-кошоктошкон-жекелик ыкмада ишке ашып жатат... Кызматташтык педагогикасынын башкы өкүлдөрүнүн бири Ш. А. Амонашвили, ал үчүн сабак – бала турмушунун жетектөөчү формасы (окутуунун гана эмес), сабак бул – күн, сабак – кубаныч, достук, чыгармачылык, эмгек, оюн, турмуш. Ш. А. Амонашвили үчүн окутуу процессин уюштурууда кандайдыр бир объективдүү, түп тамырынан өзгөргөн нерсе өкүм сүрбөйт, бардыгы балдарга каратылган, аларды сүйүүгө, алардын эркиндигин коргоп, активдүүлүгүн арттырууга, бактысын алып келүүгө багышталган. Ал үчүн окуу-тарбия процессин толук жана ар тараптуу психологиялаштыруу мүнөздүү. Демек ушунун баарын ишке ашырууну класстык-сабак системасынан тышкары жүргүзүү мүмкүн эмес».

Кыргыз мектептеринде көп колдонулуп келген сабак-класс системасы чынында окуучулардын миңдеген муунуна билим, тарбия берип чыгарды жана азыр дале өз милдетин аткарып келе жатат. Биз да бул китепте көбүнчө негизинен окутуунун класс-сабак системасына ылайыкталган ыкмаларды жана жолдорду сунуш кылмакчыбыз.

Учурда кыргыз адабиятын жалпы билим берүүчү орто мектепте окутуу үч этап менен жүргүзүлөт. Биринчиси, 5–7-класстар – адабияттык окуу этабы; экинчиси, 8–9-класстар – тарыхый-адабий курстун элементтерин ичине алган, системалык курска жакындатылган адабияттык окуу; үчүнчүсү, 9–11-класстар – кыргыз адабиятынын системалык курсу. «Адабият курсунун структуралык бөлүктөрүн, өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен 5–7-класстар үчүн окуу китеби эмес, китеп-хрестоматия, 8–9-класстар үчүн адабий-тарыхый процессти системалуу курс түрүндө кыскача баяндаган жана айрым чыгармалардын адаптацияланган үлгүлөрүн, урунттуу, мүнөздүү үзүндүлөрүн камтыган, окуу хрестоматиясынын элементтерин ичине алган окуу китеби, 10–11-класстар үчүн тарыхый-адабий курстун окуу китеби түзүлөт.

Мугалим адабиятты окутууда жогорку үч этап кандай өзгөчөлүктөргө ээ экендигин эске түйүп коюшу зарыл.

I этап – бул адабияттык окуу. Мында окуучулар айрым-айрым чыгармалар, алардын үзүндүлөрү, жомок, макал-ылакап жана башка жеке-жеке жанрлар, ал жанрлардын эреже-жолуна ылайык жазылган, түзүлгөн кээ бир көркөм дөөлөттөр менен таанышат. Адабият теориясынан элементардык маалымат алышат. Бул класстарда жазуучунун жандуу сөзүн добушун чыгарып окуу, үн кубултуп көркөм окуу чоң орунду ээлейт. Текстти көркөм окуу жагынан мугалим окуучуларга үлгү бериши керек. Адабий текстти үйрөнүү, көркөм окуу чыгарманы аналитикалык талдоолор менен айкалыштырылышы максатка ылайыктуу.

II этап – бул адабияттын спецификасына, образдар системасына, чыгармалардын мазмунуна тереңдеп кире турган мезгил. Үн кубултуп көркөм окуу бул этапта да маанисин жоготпойт. Жазуучунун чыгармасын, адабиятты, адабий процессти доор, коомдук-тарыхый мезгил менен байланышта үйрөнүүгө көңүл бурулат.

III этапта көркөм чыгармаларды тарыхый-адабий негизде үйрөнүү системалык мүнөзгө өтөт. Искусствонун турмуш менен байланыштуулук принциби жетекчиликке алынат. Класста чыгарманын эстетикалык жана адеп-ахлак проблемаларына көңүл буруу өзгөчө актуалдашат».

Жогорудагыдай талаптардан жана адабиятты окутуунун өзгөчөлүктөрүнөн азыркы учурда предметти окутуунун төмөнкүдөй теориялык проблемалары курч коюлуп жаткандыгын белгилөөгө болот:

1. Көркөм адабиятты сөз өнөрү катары кабылдоо, окуп түшүнүү проблемасы, ошол адабиятты искусство катары, эстетикалык баалуулук катары карай алган окурманды жетилдирүү маселелери.

2. Адабияттаануу менен адабиятты окутуу методикасын жакындатуу, алардын бири-бирине таасир этүүсүн туура пайдалануу, сабакта адабий чыгарманы окуп үйрөнүүдө ошол чыгарманын поэтикасына сүңгүп кирүү.

3. Көркөм чыгарманы кабылдоо менен аны интерпретациялоонун, анализдөөнүн, өз алдынча ой жүгүртүүнүн байланышын түзө алуу.

4. Адабиятты окуп үйрөнүүдө концепцияларды, стандарттарды, программаларды, окуулуктарды, сабактын технологияларын туура тандоо.

5. Адабиятты окутуунун методдорун жана жолдорун мурдагы салттарына таянуу менен улам жаңылоо.

6. Мугалим менен окуучунун өз ара байланышынын жаңы тибин калыптоо, инсанда чыгармачыл башталышты пайда кылуу.

7. Сабактын жаңы структураларын издөө жана окутуу жолдорунун башка формаларын моделдештирүү (Богданова О. Ю., Леонов С. А. , Чертов В. Ф. Методика преподавания литературы. – М.: 1999)

Ушундай эле проблемалар кыргыз адабиятын мектептерде окутуу маселесине да байланыштуу көрүнүш. Бул багытта бир катар ишчаралар аткарылып жатат. Соңку жылдарда Кыргыз Республикасынын билим, илим министрлиги тарабынан адабий билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандарты, концепциясы кабыл алынды. Алардын негизги багыттары төмөнкүдөй аспектилерге бурулат.

1. Адабий билим берүүнүн ыймандык-этикалык жана маданий-эстетикалык, этномаданий аспектилерин тереңдетүү талабы коюлат.

2. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүндө аларга оор жүк келтирүүчү чыгармаларды үйрөнүү үчүн ырааттуу курс түзүлүп, «чөп башылап» окутуу иши четке сүрүлөт, айрым материалдарды кайталоолордон арылтылат.

3. Соңку жылдардагы адабияттаануу, эстетика, педагогика, психология, мектептаануу, социология, психология, саясаттаануу, лингвистика ж. б. илимдердин жаңы жетишкендиктери адабият предметинин мазмунун жана түзүлүшүн өркүндөтүүгө кызмат кылат.

4. Кыргыз адабиятынын өнүккөн учурундагы (1970–80-жылдар) көркөм нарктарын көбүрөөк окутууга басым жасалат.

5. Адабий билим берүүнүн мектептик курсундагы кайталоолордон арылуу жүргүзүлүп, айрым курстарда, класстарда сааттарды кайра бөлүштүрүү ишке ашат, үйрөнүүгө татаал чыгармалар жогорку класстарга (тандоо боюнча окулуучу курстарга) сүрүлөт.

6. Адабият предметинин мазмунун аныктаган программа толук бойдон саясатсыздаштырылат.

7. Негизги көңүл окуучулардын текст менен иштеп, оозеки жана жазуу речин калыптоого жумшалат. Кыргыз тили-

нин аеосуз деформацияга учурап, мурда болуп көрбөгөндөй ассимиляцияга кабылып жаткан азыркы учурунда адабиятты окутууну бул багытка буруу анын практикалык активдүүлүгүн күчөткөндүк болуп саналат.

Буга чейинки адабиятты окутуу тексттин маани-мазмунун кургак өздөштүрүү, акын-жазуучулардын өмүрбаянын жаттоо, каармандарды оң жана терс лагерге бөлүп алып, каршылаштырып талдоо, образдарга үстүрт баа берүү, окуу китеби менен чектелүү ж. б. кемчилдиктери менен өзүнүн милдетин толук аткара албай келди.

Учурдагы кыргыз мектептеринде адабий билим берүүдө окутуунун электрондук каражаттарын пайдалана албоо, Интернет булактарын колдонбоо, заманбап компьютердик технологияларды сабакта уруна албоо сыяктуу кемчилдиктер орун алган. Анан калса бул материалдарды мугалимдер жана окуучулар колдоно ала тургандай деңгээлде адаптациялоо техникалык жактан да, методикалык жактан да ишке ашкан эмес.

Адабий билим берүү мектепте өзүнүн башкы функциясы катары – тарбия берүү функциясын аткаруусу керек. Жаңы нормативдик документтерде тарбиялоо идеясынын башкы идеологиясы төмөнкүлөр менен байланышат:

- инсанды гумандаштыруу ойлорун турмушка ашыруу;
- балдардын ичинде бугуп жаткан чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн сууруп чыгуу;
- инсандын ар тараптуу жана гармониялуу өсүп-өнүгүүсүнө кам көрүү;
- окуучуларды турмушка жакындатуу, элдин жашоосу менен байланыштыруу;
- көркөм адабият аркылуу Ата-Журтту сүйүү, баалап-барктоо сезимдерин калыптоо;
- уландар менен кыздарды турмуш тууралуу ойлонууга мажбурлап, өз алдынча жашоого үйрөтүү, социалдык активдүү инсанды жетилдирүү;
- жаңы, демократиялык коомдун принциптери менен жашоого көнүктүрүү;
- сулуулукту, коoздукту ылгай билүүгө жана ошого жетишүүгө тарбиялоо ж. б.

Бул максатка жетүү үчүн башталгыч класстан тартып үзгүлтүксүз жана ырааттуу түрдө адабий билим берүү шар-

ты коюлат. Окуучулар адабий чыгармадагы идея, тема, образдар, поэтика менен таанышып гана калбастан, ошол чыгармада сүрөттөлгөн турмуштан өздөрүнө таалим алат, каармандар менен талашып-тартышат, өрнөктүү адамдарды табат, азыркы өзүнүн айлана-чөйрөсү, көрүп-билген адамдары менен чыгармада чагылдырган турмушту, образдарды чагылдырат. Мындан окуучулардын ассоциация түзө билүү көндүмдөрү калыптануу менен өзүнүн «Менин» издөө процесси автивдешет. Ошентип адабий билим берүүнүн жалпы парадигмасы адамдын коомдогу өз ордун табууга багытталат.

Мектепте адабиятты окуутунун максатынын төрт компоненти (тарбиялоо, өнүктүрүү, билимдердин ырааттуулугу, көндүмдөр) сакталганда гана предмет түпкүлүктүү вазийпасын аткарган болот. Алардын башка багыты төмөнкүдөй аныкталат:

1. Рухий дүйнөсү ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо, адамгерчиликтүү көз карашты, аң-сезимди, мекен сүйөрлүктү, аталар мурасын урматтоо жана кадырлоо туюмдарын калыптоо.

2. Көркөм адабиятты илим жана искусстводон айырмалай билүү, адабий чыгарманын тексттин эмоционалдуу кабылдоо, образдуу жана аналитикалык ой жүгүртүү, автордук позицияны түшүнүү, чыгарманын негизинде өз пикирин айтуу, кеп маданиятын өстүрүү.

3. Үйрөнүлүп жаткан чыгарманы мазмун жана формалык бирдикте, ал учурдагы тарыхый-адабий жагдай жана адабий теориялык маалыматтар менен биримдикте өздөштүрүү.

4. Адабий чыгарманы окуп-үйрөнүү менен жалпы адамзаттык асыл нарктарды таап чыгуу, аларды өз жашоо-турмушунда колдонууга жетишүү, оюн жеткиликтүү билдирүү үчүн байланыштуу текст түзө билүү ыктарына, көндүмдөрүнө ээ болуу.

Глобалдашуу (ааламдашуу) доорунун татаалдыгы, маалыматтардын ашкере жыштыгы окуучулардын адабий көркөм тексттерди бүкүлү (целостное) кабыл алуу түйшүгүн татаалдаштырууда, мисалы, телевизордун пультун колго алып түрдүү каналдарга басып чыгып диванда отурган адам бардык каналдарда эмне болуп атканын көрүп чыгууга үлгүрөт, бирок бир дагы каналдын көрсөтүүсүнүн терең маанилерин аңдап билбеген бойдон кала берет, же дагы жертөлөөлөрдө,

дүкөндөрдө сатылып жаткан китептерде бүтүндөй орус адабиятын кыскача конспект-шпаргалка китеп кылып чыгарып койгон, мисалы, анда М. Шолоховдун «Тынч Дон» романы он бетке «сыйып» калган, ырас мында «Тынч Дондун» кыска мазмуну, катышкан каармандардын аты-жөнү бар, бирок шолоховдук нукура сүйлөмдөр, образдар, дондук казактардын духу, кыскасы улуу сүрөткер жана кайталангыс стилист жок. Мындай нерселерди окумуштуулар, мисалы, француз социологу А. Моль мозаикалык көрүнүш десе, башка бир илимпоздор клиптик аң-сезим (клиповое сознание), клипомания деген термин менен аташат.

Азыр кыргыз мектеп окуучуларынын арасында да мына ушундай көркөм чыгарманы мозаикалык, клиптик кабыл алгандар көбөйүп кетти, айылдарда ар бир үйдө DVD дисктерден түндөп боевик, ужас, «самын сериалдарды» көрүп отургандар китеп окугусу келбей, китеп окуса да, ар-ар жерин чолуп-чолуп «окумуш» болуп кетишет. Бул улуттук трагедиябы, же информациялык доордун талабыбы, айтор, балдардан, жалпы элден көркөм адабиятты, анын толук баалуулугун ажыраткан фактор болду. Мына ушунда адабий тексттин маанисин, автордук ойду кабылдоочу, интерпретациялоочу окумал окуучуну калыптоо түйшүгү дагы кыйындайт. Бул жагынан азыркы орус дидактикасында өнүктүрүп-окутуу концепциясы (Д. Б. Эльконин-В. В. Давыдов), сабак-диалог уюштуруу методикасы бир кыйла терең иштелгени менен кыргыз адабиятын окутуу методикасында системага салына элек. Текст менен таанышып жаткан ар бир окуучу мугалимдин жардамы менен ар кимиси өзүнүн жаңы авторун, жаңы чыгармасын ачып, жаңы адам менен кездешүүсү керек жана ошол каарман-адам менен өзүнүн жакын-алыс жактарын таба билүүгө жетишүүсү шарт. Мугалим аны үчүн окуучулар менен тексттин, тексттеги автордук ойдун ортосунда окурмандык, коммуникативдик ишмердүүлүктүн чордонунда турат, ошол ишмердүүлүктү жаратат, алып барат жана акырында жыйынтыктайт да, балага көркөм текстти интерпретациялоонун инструментарийин даярдап берет. Аны үчүн көркөм текстти интерпретациялоо боюнча ар бир сабагы окуучулардын көркөм адабият менен окуу диалогунун негизине таянып, ошол принциптен чыгып, коммуникативдик негиз курушу керек, ошондо гана бөтөн адам (автор) жараткан

чыгармага өздүк мамилесин пайда кылат да, китепканадан өзүнүн дилине жакын китепти алып, аны акыр-аягына чейин окуп гана койбой, андан жан дүйнөсү ырахат алат.

Эгерде жогорудагыдай ишмердүүлүк формалдуу болсо, анда прагматикалык окутуу ишке ашып, окуучулар мугалимдин жардамы менен чыгарманын сырткы көрүнүшүн, жалтырак бетин гана көрүп, ошол багытта анализ жана интерпретация жүргүзүп, окуучулар окурмандык маданиятка, эстетикалык табити бар инсанга айланбай, эсеп-кысап менен ой жүгүрткөн рационалдуу сынчыга айланат, мындайда алардан сөз кунун баалаган, улуу сөздү урматтаган чыныгы окурман чыкпайт.

Азыркы шартта жана буга чейин дале адабий билим берүүдө төмөнкүдөй баалуулуктар зарыл:

- адабий билим берүүнүн учурдагы өзгөчөлүктөрү менен жакшы тааныш болуу;
- көркөм чыгарманы анализдөө жана интерпретациялоонун ыкмалары жана жолдоруна ээ болуу;
- сабакта окуу диалогун камсыз кылуу жөндөмдүүлүгүнө жетишүү;
- китеп, чыгарма, автор тууралуу кандай гана маданий коммуникация болсо аралашып кетүү (Е. И. Матвеева).

Адабиятты окутуу боюнча мектептен жана класстан тышкаркы иштердин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү (адабият кечелери, окурмандар конференциялары, адабий крайтаануу жумуштары, жазуучулар менен жолугушуулар, искусство жайларына баруу ж. б), кошумча сабактарды уюштуруу окуучулардын адабий ышкысын ойготууда өзгөчө чоң мааниге ээ.

Мына ушундай адабиятты окутуунун комплекстүү иш чараларын аткаруу жана азыркы окуучулардын талабына ылайык келген ыкмалар менен көркөм дөөлөттөрдү жеткирүүнүн жолдорун табуу мектеп мугалиминин да, педагогика илиминин да, билим берүү тармагын уюштуруучу адистердин да башкы милдети болуп саналат.

## 2. Азыркы адабият сабагы

Азыркы учурда дүйнөлүк педагогика, предметтерди окутуу методикасы жалпы эле адамзаттын башка илим, технологияларга кызыгуусу сыяктуу эле өзгөчө кызыгууну жаратып

жаткан учуру. Мындай интенсивдүүлүктүн бирден бир себеби технологиялардын өсүшү менен гана байланыштуу эмес, илимдердин интеграцияланышы, инсандын өзүн өзү таанып билүүгө жакындашуусу менен да түшүндүрүлөт.

Дүйнөлүк процесстеги мына ушул жандуу кыймылда ошол пленетардык агымдан окчун калбоого аракет кылган элибиздин улуттук илимпоздору да ар кимиси өз көрөңгөсүнө жараша кыргыз илимин жаратууга аракет кылып жатат. Бирок канткен менен улуттук илим бир чети чыныгы улуттук жүзүн көрсөтө албай жатса, экинчи жагы дүйнөлүк илим-технологияларды кыргыз кыртышына бекем алып келе албай жатат. Албетте, мунун ар кандай себептери бар. Азыр эми индустриалдык деген коом арт жакта калып, адамзат постиндустриалдык-информациялык коомго баш багып отурат. Мына ушул прогресстен бир артта калсаң, анда бүттү, адамзат прогрессинен түбөлүк оолак каласың. Андыктан да ошол кыймылдан калбаш үчүн жанталашуу, ардандуу, аракет кылуу биздей аз калктуу улут үчүн зарылдын зарылы болуп эсептелет.

Билим берүү жана тарбиялоо процессинде жаңы технологияларды киргизүү, же мурдагы технологияларды жаңыртууга, модернизациялоого, реформалоого кылган аракеттер бул биринчи кезекте жалпы коомдогу өзгөрүүлөр, ошол өзгөрүүлөр талап кылган муктаждыктар менен байланыштуу. Коомдун, адамзаттын өзгөрүүлөрү, умтулуулары, өсүштөрү жана өксүктөрү ар дайым билим берүү тармагы аркылуу өтүп келген жана бул процесс азыр андан бетер активдешип турган чагы. Жаңы кылымды педагог адистер гуманисттик идеялардын глобалдуу интеграцияланыш доору, улуттук табылга-салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын гармонизациялашуу мезгили деп аташууда. Эртеңки күнү бүгүнкү мектепти жана университетти бүткөндөрдү адис катары абдан күчтүү конкуренция күтүп турат да, биз даярдап жаткан адис эң биринчи кезекте ошол адистик атаандаштыкта жеңип чыгууга даяр болушу керек.

Азыркы билим берүү тармагы соңку 10–15 жылда эле ошол конкреттүүлүккө ылайык келе турган адистерди даярдоо үчүн бир топ аракеттерди жасады. Айрымдарын санап көрөлү: адеп сабагы киргизилди; чет тилдер баланын эрте жашынан, айрым учурда бала бакчаларда эле окутула баш-

тады; Занков, Давыдов-Эльконининдин өнүктүрүп-өстүрүп окутуу деген системасы иштелип чыкты; Монтессори, Френэнин педагогикалык системаларынын элементтери киргизилди; билим берүү системаларынын эл аралык стандарттарын алып келген улуттар жана мамлекеттер аралык окуу жайлары (кыргыз-славян, кыргыз-америка, кыргыз-түрк, кыргыз-кувейт, кыргыз-кытай ж. б.) пайда болду; билим берүү мекемелери жаңы статуста көрүндү (гимназия, колледж, лицей); автордук мектептер, класстар өсүп чыкты; кошумча окуу деген система киргизилди; деңгээлдерине карап дифференцияланган класстар көбөйдү; автордук программалар, окуулуктар жазылды; рынок талап кылган предметтер кошулду; компьютерлешкен жана интернеттешкен билим берүү ишке киргизилди; дистанттык окутуу деген чыкты, жалпы республикалык тестирлөө деген орун-очок алып калды ж. б.

Мына ушундай жана дагы башка формалык өзгөрүүлөр окутуунун, билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө жардам бере алдыбы деген маселе дале курч бойдон турат.

Азыркы учурда мектептер жана жогорку окуу жайларын төмөнкүдөй технологияларды практикага активдүү киргизип жатат:

1. **Проблемалык окутуу**. Анын маңызы, максаты үйрөнүп жаткандын алдына бара-бара жана атайын максат менен билимди активдүү өздөштүрүү үчүн таанып билүүчү милдеттерди коюп баруу; билим берүүнүн максатына жетүү үчүн изденүүчү методдорду жана таанып билүүчү милдеттерди коюунун механизмдерин колдонуу.

2. **Концентрлеп окутуу**. Анын маңыз-максаты – билим блокторун бириктирип окуу менен предметтерди терең өздөштүрүүгө аракет кылуу, мында максатка жетүүнүн башкы жолу – үйрөнүүчүнүн иш жөндөмдүүлүгүнүн динамикасын өстүрүүчү ыкмаларды колдонуунун механизмдерин пайдалануу.

3. **Модулдук окутуу**. Өз алдынча окуу программасы менен үйрөнүүчүнүн жекече ишмердигин өнүктүрүшү. Анын максатка жетүү механизми – окутуунун индивидуалдуу темпи жана проблемалуу мамиле.

4. **Өнүктүрүп-өстүрүүчү окутуу**. Мунун максаты – үйрөнүүчү адамдын потенциалдык мүмкүнчүлүгүнө жана анын ишке ашырылышына негизделип билим берүү. Максатка

жетүү механизми – үйрөнүүчүнү ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрүнө салып максатка жеткирүү.

5. **Диффренцирлеп окутуу.** Анын максаты – үйрөнүүчүнү жалпыга милдеттүү стандарттан төмөн түшүп кетпеген ар түрдүү пландалган деңгээлдеги программмалык материалдарды окуп-үйрөнүү. Максатка жетүү механизми – индивидуалдуу окутуу методдорун колдонуу.

6. **Активдүү (комплекстүү) окутуу.** Анын максаты – келечектеги адистик ишмердүүлүгү үчүн предметтик жана социалдык мазмунду моделдештирүү. Максатка жетүү механизми – активдүү окутуунун методдору.

7. **Оюнга негиздеп окутуу.** Анын максаты – билим берүүчү маалыматтарды издеп табуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү ишмердүүлүгүнө багытталган жумуштарды өз алдынча ишке ашыруу. Максатка жетүү механизми – үйрөнүүчүнү чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу үчүн оюн ыкмаларын колдонуу. Мына ушуларды баарлашып (диалогдук) окутууга негизделген деп айтып, диалогдун төмөнкүдөй типтерин бөлүп көрсөтөт: маалыматтык-проблемалык ички диалог; катуу сакталган эвристикалык диалог; эркин эвристикалык диалог; изилдөөчүлүк диалог.

Соңку жылдарда Кыргызстан дүйнөгө ачылып жана өзүн ачып жатканга байланыштуубу, же прогресстин мыйзамченемдүүлүгү өзү ушуга түрттүбү, айтор, жарым кылымдай бирдей калыпта келген билим берүү системабызга дүйнөнүн ар кандай жагынан мурда билбеген окутуунун жаңы мазмуну, формасы, түрлөрү агылып кирүүдө. Биз болсо күргүштөп кирген түрдүү «технологиялардын» жана «инновациялардын» шамалына кабылуу менен айрымдарын өзүбүзгө алсак, айрымдарын «аш кыла албай» «какап» турабыз.

Бирок окутуунун жаңы формалары бизге канчалык аралашып жаткан менен анын тээ Батыштан эки-үч кылым мурда дүйнөгө тараган класс-сабак формасы орун-очогун башкаларга бошотпой келе жатат, демек, кылымдар сынаган ыкма дале көпкө бarарын окумуштуу методисттер тан алып отурат. Бала биринчи класстан он бирди бүткөнчө он миңден ашык сабакка катышат экен, ошол он миңден ашык кырк беш мүнөттүк сабактын канчасы натыйжалуу болуп жатат да, канчасы жөн эле убакыт коротуугa айланууда?

Биз илимдин көптөгөн тармактарын камтыган предметтерди окутуп, өз сабактарыбыз менен ошол илимдер тууралуу мамлекеттик стандарттарда көрсөтүлгөн билимдердин минимумун бере алып жатабызбы?

Бул суроолор билим берүү тармагы менен байланышкан ар бир адамды ойго салууга тийиш....

Окутуунун класс-сабак формасы ар бир мезгилде жаңыланып, тазаланып келген менен анын башкы өзгөчөлүгү: бир мугалим бир нече окуучу байланышы; белгилүү убакытта башталышы жана бүтүшү; класс деп аталган бөлмөдө уюштурулушу ар дайым туруктуу жашап келатат, б. а. сабактын өзөгү турат да, анын карыган же чириген бутак-шактары буталып, жаңылары улам кошулуп, ошонун эсебинен класс-сабак формасы башкаларга биринчиликти бербей турат. Эгерде класс-сабак формасын негиздеген улуу дидактик Ян Амос Коменский деп айтсак, анын бирдей курактагы балдарга бирдей мөөнөттө билим берүү керек деген башкы принциби сакталып келатканын айтсак, бул идея бара-бара өнүктүрүлүп отуруп, азыркы Кыргызстанда билим берүү стандартынын стратегиялуу принциби катары мыйзамдуу түрдө балдарды жашы боюнча класстарга бөлүү, ар бир класска тиешелүү предметтерди жана аларга тиешелүү сааттарды ыйгаруу, сабактарды расписание менен өтүү, окуу материалын окуучунун курак өзгөчөлүгүнө ылайыктап, ар бир класска бирдей берүү ж. б. көрүнүштөр сакталып келатат. Бирок мындай форма эскирди, туюкка барып такалдыбы деген ойлор да жок эмес.

Азыркы орус педагогикасында сабакты типтештирүү боюнча бирдиктүү пикир жок, алардын айрымдарын карап көрөлү:

Биринчи типтештирүү (В. А. Онищук):

- жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы;
- билгичтикти, көндүмдөрдү өздөштүрүү сабагы;
- билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу сабагы;
- билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү текшерүү, баалоо жана коррекциялоо сабагы;
- комбинирленген (бириктирилген, айкалыштырылган, кошоктоштурулган дейбизби) сабак (ага билимдерди комплекстүү колдонуу кирет).

Экинчи типтештирүү (Н. П. Гузик):

- теманы жалпы талдоо жана аны окуп-үйрөнүүнүн усулу;

• комбинирленген семинардык сабактар (мында окуу материалы менен жекече иштер аткарылат);

• билимди системалаштыруу жана жалпылоо сабактары (тематикалык зачеттор деп аталган нерселер);

• материалды предметтер аралык жалпылоо сабактары (тематикалык тапшырмаларды коргоо сабактары);

• практикум-сабактары.

Үчүнчү типтештирүү (И. Я. Лернер, М. Н. Скаткин):

• жаңы окуу материалын ачып көрсөтүү жана өздөштүрүү (үйрөнүү) сабагы;

• билимдерди колдонуу жана билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы;

• билимдерди, билгичтиктерди чыгармачылык менен колдонуучу проблемалык сабак;

• кайталоолорду жалпылоо жана билимдерди, билгичтиктерди системалаштыруу сабагы;

• ар түрдүү элементтерди айкалыштырган сабактар.

Төртүнчү типтештирүү (В. С. Безрукова):

• мурда өздөштүрүлгөн билимдерди актуалдаштыруу сабактары;

• жаңы билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу сабактары;

• комбинирленген сабактар.

Булардан башка да бир топ бөлүштүрүүлөр бар, бирок негизгиси мына ушулардын айланасынан чыгат. Сабактын ушундай типтери анын жүрүшүнүн курамын, формасын аныктайт. Соңку кездерде окутуу ишин уюштуруунун жаңы формалары мектеп практикасына киргизиле баштады, мисалы, сабак-семинар, сабак-зачет, практикум, консультация, дискуссия-сабак, билимдерди коомдук кароого салуу. Ошондой эле аябай модалуу болуп кеткен стандарттуу эмес сабактардын да толгон-токой түрлөрү пайда болду. Аларды Тверь облустук билим берүү департаментинин начальниги, педагогика илимдеринин доктору, профессор Е. М. Муравьев төмөнкүдөй жиктештирет:

• мелдеш-сабактар жана оюндар (эстафета, дуэль, ролдоштурган жана ишкер оюндар, КВН, турнир, конкурс);

• коомдук практикада кеңири колдонулган методдорго негизделген сабактар («мээ чабуулу», дилмаек, сукбат – интервью, шырбаян – репортаж ж. б.);

• пикирлешүүнүн жалпыга маалымдоочу формаларын элестеткен сабактар (пресс-конференция, аукцион, регламенттелген дискуссия, панорама, телекөрсөтүү, «жандуу газета» ж. б.);

• кыяландууга (фантазияга) басым жасалган сабактар (сабак-жомок, сабак-сюрприз ж. б.);

• мекемелердин ишмердүүлүгүн тууроого (чагылдырууга) негизделген сабактар (сот, тергөө, патент бюросу, окумуштуулар кеңеши ж. б.);

• интеграциялашкан сабактар;

• окутуунун класстан тышкаркы формаларын пайдаланган сабактар (КВН, «Керемет талаа» («Поле чудес»), «Посиделки», «Счастливый случай», «Умники и умницы» ж. б.);

• өз ара окуп-үйрөнүү сабактары;

• зачет-сабактары ж. б.

Ал эми В. С. Безрукова сабактын төмөнкүдөй түрлөрүн белгилейт: арт-сабак; саякат-сабак; дарс-сабак; кино-сабак; оюн-сабак; сукбат-сабак; сабак-диспут; сабак-өз алдынча иштөө ж. б.

Бирок илимий жалпылоолор, сабакты мындай типтештирүүлөр, түрлөргө ажыратуулар мектеп практикасынын артта калганын моюнга алуубуз керек. Мисалы, Чыңгыз Айтматовдун «Бетме бет» повесттин Ысмайыл жаткан үңкүрдө өткөн мугалимдин сабагын, же ошол эле автордун «Жамийла» повестиндеги качып кеткен Даниярды, Жамийланы, аларды качып ийген Сейитти айылдын аксакалдар сотуна алып келип, аксакалдар соту катары классты пайдаланган мугалимдин сабагын сабактын кандай тибине, формасына кошосуң да, аларды кантип атайсың. Мындай сабактын ондогон, жүздөгөн жаңы, стандартсыз түрлөрү улам практикаланып жатат. Бирок алар биздин баягы салттуу сабагыбыздын гана айланасынан өнүп чыккан формалар болуп саналат. Азыркы сабакка илимий баа берүү багытындагы бир катар адабияттарда сабакты жаңылоо боюнча теориялык жалпылоолор чыгарылып, учурдагы сабактын оң-терс жактары кеңири талданат жана булардын баарында учурдагы окутуу системасындагы сабактын ролу өтө жогору экендиги белгиленет.

Жогорудагылардан улам айта турган нерсе – биздин кыргыз педагогика илимибиз ар дайым орус педагогикасына (дагы тагыраагы советтик педагогикага) негизделип,

ошолорду методологиялык база кылып келген. Тилекке каршы, өз алдынча мамлекет болгонубуздан бери постсоветтик өлкөлөрдүн илимий табылгалары жалпылаштырылбай, салыштырылбай келет. Мына ошонун кесепетинин азыркы кыргыз мектептери теориялык жактан өксүк тартты, таянар багыттары азайды. Биз ошол бөксөлүктү бир аз болсо да толтурсак деп айрым бир изилдөөлөрдү анализдеп бердик. Аны чыгармачылык менен өздөштүрүү ар бир мугалимдин өзүнүн аракетине, изденүүсүнө, кабыл алуусуна (же кабыл албоосуна) байланышкан көрүнүш.

## V КЛАССТА АДАБИЯТТЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУ

### Компетенттүүлүк деген эмне? Компетенттүүлүктүн белгилери. Компетенттүүлүккө коюлган дидактикалык талаптар

Соңку учурда илимде, практикада «компетенттүүлүк» деген түшүнүк көп колдонула баштады. Ага бир катар аныктамалар берилип жүрөт.

Орус тили боюнча түшүндөрмө сөздүктөрдө компетенттүүлүктүн синонимдери *правомочность*, антоними *некомпетентность, неправомочность*, гипер継ними *квалификация*.

Этимологиясы боюнча *компетентный* дегенден келип чыгат да, ал латындын *competens* – *«соответствуюший, способный»*, кыргызчасы *«ылайыктуу»*, *«жөндөмдүү»*, *«ылайыкташкан»*, *«масташкан»* деген маанилерде турат.

Компетенттүүлүк деген көп маанилерде колдонулат. Мисалы, жеке адамдын юридикалык компетенттүүлүгү; инсандын финансылык компетенттүүлүгү; адистердин психофизиологиялык, профессионалдык компетенттүүлүгү; интеллектуалдык компетенттүүлүк; эмоционалдык компетенттүүлүгү; моралдык компетенттүүлүк; коммуникативдик компетенттүүлүк.

Компетенттүүлүк кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, кадыр-баркка ээ болуу, кимдир-бирөөнүн кесиптик чеберчилигинин, жетишкендигинин көрсөткүчү.

Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык)

абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

**Компетенттүүлүк:** «предметтик тармактардагы конкреттүү аракеттерди эффективдүү аткарууга жөндөмдүү болуунун өзгөчө жолу» (Дж. Равен, англис психологу).

«Адамдын социалдык-профессионалдык турмуштук ишмердүүлүгүндө интеллектуалдык жана инсандык тажрыйбасына алып келүүчү негизги билим» (И. А. Зимняя).

Ал «сапаттын белгиси болуп, ишмердүүлүктүн конкреттүү тармагында таасир этүүнү талап кылат», «окуучунун болгон инсандык сапаттары жана белгилүү бир тармактагы ишмердүүлүк боюнча минималдык тажрыйбасы», т. а. «окуучулардын белгилүү даражада компетенцияга ээ болуусу» (А. В. Хуторской).

«Адистин белгилүү даражадагы билимге жана тажрыйбага ээ болуу деңгээли гана эмес, аларды профессионалдык кызматында керектүү учурда ишке киргизе алуусу» (Э. Ф. Зеера).

«Инсандын өзүн өзү иштетүү (реализациялоо) үчүн, тарбиялануучунун бул дүйнөдөн өзүн табуусу үчүн билимдин, ыкмашыгуулардын жашап турушунун жолу» (В. В. Сериков).

*Компетенттүүлүктүн үч компоненти*:

1. Тилдик (максаты – коммункативдик компетенттүүлүк).
2. Жалпы илимий, же жалпы адистик (максаты – жалпы илимий, жалпы адистик компетенттүүлүк).
3. Адаптациялык (максаты – адаптациялоо, б. а. үйрөтүү, көнүктүрүү, ыңгайлаштыруу).

## Компетенттүү мамиленин келип чыгышы

Компетенттүүлүк дидактикада педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүүнүн бир чен-өлчөмү катары кабыл алына баштады. Мурда билим алуучулук, билим берүүчүлүк мамиленин ордуна келген компетенттүүлүк окуу процессинде балдардын билим алуусу, алардын билим топтоосу менен гана чектелбейт, аларды колдоно билүүгө жетишүүсү менен байланышат. Азыр компетенттүүлүк көп өлкөлөрдө, миса-

лы, Орусияда жалпы мамлекеттик, федералдык стандаттарда борбордук, түйүндүү маселелердин бирине көтөрүлүп чыкты.

Компетенттүү мамиле кылуу бул коом талап кылган билим берүү ишмердүүлүгүнө ылайык таанып билүүнүн жана аны ишке ашыруунун өзгөчө формасы. Бул мамиле орус педагог-дидактиктеринде (Г. П. Шедровицкий, В. В. Давыдов ж. б.) мурда эле көтөрүлүп келген. Мисалы, адабиятты окутууда окуучуларга билим, ык-машыгуу, көндүмдөрдү берүү керек, дал ошол нерсе алардын адабий-теориялык компетенттүүлүгүн негиздейт. Ошондой компетенттүүлүккө ээ болгон мектеп бүтүрүүчсү ар кандай адабий чыгармаларды түшүнүү, талдоо, интерпретациялоо жөндөмдүүлүгөнө ээ болуп гана калбастан, чыгармадан алган эстетикалык, катарсистик, этикалык байлыктарды жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет.

Билим берүүнүн мазмунуна компетенттүү мамиле окуучулардын фундаменталдуулук, универсалдуулук, интегративдүүлүк, вариативдүүлүк, практикалык негиздүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталат.

### Компетенттүүлүктүн түйүндүү учурлары

Билим берүүнүн түпкү маңызы компетенттүүлүктүн түйүндүү учурларын калыптоого багытталат. Андай деңгээлге жетүү үчүн төмөнкүдөй мүнөздүү белгилерге жетиши шарт:

- интегративдүү табиятка ээ болот, б. а. өзүнө маданияттын жана ишмердүүлүктүн кеңири чөйрөсүнө тиешелүү бир тараптуу жана жакын ыкма-машыгууларды жана билимдерди ылгап алат;
- көп функционалдуу, б. а. ага ээ болуу күнүмдүк жашоо турмушту көп нерсени чечип алууга көмөк берет;
- предметтер үстүндө жана дисциплиналар аралык, б. а. ар кыл педагогикалык кырдаалдарда урунууга жарактуу;
- белгилүү деңгээлде интеллектуалдык өнүгүүнү талап кылат;
- көп өлчөмдүү, б. а. ар түрдүү акыл-ой процесстерин жана интеллектуалдык көндүмдөрдү өз ичине камтыйт.

Изилдөөчүлөр компетенция менен компетенттүүлүктү көбү чаташтырып жүргөндүгүн белгилешет, компетенция – бул же тигил ишмердүүлүктө умтулган нерсе, компетенттүүлүк (компетентность) – бул багытта жеткен ийгилик. Соңку учурдагы адабияттарда мына ушундайча каралат.

# ЭЛДИК ЖОМОКТОРДУ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Жомокторду окутуудан мурда мугалим өзү үчүн мындай пикирлер менен тааныш болушу керек:

«Жомоктор – элдик педагогиканын эң алгачкы саамалыктары. Мындай алганда элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким теңдеше албайт» (К. Д. Ушинский).

Жомоктор «эл маданиятынын рухий байлыгы», «бала жомокту аңдап түшүнүп жатып элдин турмушун жүрөгү менен туюп билет», «Жомоктордогу сөздөр баланын аң сезиминде дайыма жашайт. Фантастикалык көрүнүштөгү жомокту укканда бала өзүн унутуп коёт, мен окутууну жомок угуусуз, жомок жаратуусуз элестете албайм» (В. А. Сухомлинский).

Г. Н. Волковдун пикири боюнча элдик жомоктор – адабий чыгарма, фольклор, ошол эле кезде алар элдик педагогиканын мурастары, дээрлик алардын баарында таалим-тарбиялык ойлор камтылган. Орус сынчысы В. Г. Белинский орус эл жомокторунун элдүүлүгүн, аларда элдик мүнөздүн берилишин жогору баалаган, кыялый нерселер менен ойдон чыгарылган окуялардын ары жагында реалдуу турмуш, социалдык мамилелер турат деп эсептешкен. Ал балдар табиятынан фантастикалуулукка умтулат, аларга абстрактуу идеялар эмес, конкреттүү образдар, боёктор, үндөр керек деп эсептеп, мына ошол бөксөлүктү элдик жомоктор толтурарына ишенген. Н. А. Добролюбов болсо эл тарабынан чыгарылган жомоктордо ошол элдин турмушка жана учурга мамилеси, психологиясы чагылдырылат деп, жомокторду элдин тирүү физиономиясы деп эсептеген. К. Д. Ушинский өзүнүн педагогикалык эмгектерине, окуу китептерине элдик жомокторду кеңири киргизген, алардын стилине салып, өзү да эне тилинин эң сонун байлыктарын колдонуп жомокторду токуп чыккан. Педагогдун оюу боюнча табиятынын орус педагогдору орус мешинин үстүндө отуруп алып, балдарды тарбиялап жаткан чоң эне, чоң аталар деген. Албетте, алардын тарбиялоо каражаттарынын башында элдик жомоктор турганы айтпаса да түшүнүктүү. К. Д. Ушинскийдин педагогикалык идеялы – балдарды акыл-эс жана адептик-эстетикалык жактан гармониялык тарбиялоо болгон, ал эми мындай ишти аткаруунун эң чоң мүмкүнчүлүктөрү жомоктордо экендиги белгиленген. Ал балдардын психологиясына жомоктордун таасири катуу тий-

ерин айтуу менен элдик жомоктор педагогикалык басылмаларда чыгып жаткан азыркы аңгемелерден алда канча бийик турат деп белгилеген, жомок аркылуу баланын логикалык ой жүгүртүүсү анын көркөм табити менен айкалышып, кыялы жана сезимдери өсөт деп белгилеген. Балдар жана жомоктор – ажырагыс, алар бири-бири үчүн жаралган, андыктан аларды кеңири колдонуу керек деген ойго келген.

Балдарды жомокторго кызыктыруу үчүн сабакта мугалим бир нече атактуу адамдын өмүр баянынан мындай мисалдарды келтирүүгө болот.

**Мугалимдин сөзү:** Силер, балдар орус элинин классик акыны А. С. Пушкинди билесиңер, байыл анын жыл аягында «Балык жана балыкчы тууралуу жомок» деген чыгармасын да окуйбуз. Ошол акын айтат: «Кечинде жомок угам жана ошону менен каргыш тийген тарбиямдын кемчиликтерин толуктайм. Эмне деген укмуш, бул жомоктордун ар бири өзүнчө жаткан поэма». Мына ошентип ал нянясы Арина Радионовнанын таасири менен орус элинин жомокторун уккан жана аларды кайра иштеп чыгып, ондогон ыр-поэмаларды жазган. Экинчи бир улуу жазуучу Л. Н. Толстойго дагы бир жөпжөнөкөй элдик педагог Татьяна Филипповна таасирин тийгизип, Ясная Поляна деген жердеги орус элинин жомокторун айтып берген. Кийин ошол жомокторду жазып, окуу китептерине киргизип, жазуучу балдарды оң жолго салган. Кыргыз акыны жана жазуучусу Аалы Токомбаевге энеси жана Урак аттуу думана-манасчы көп жомокторду айтып берип, көөдөнүнө көркөм сөздүн гүлдөрүн салыптыр. Жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун апасы Айымкан кошокчу, жамакчы, жомокчу аял болгон. Чыңгыз Айтматов айылы Шекерде Айымкан, Карагыз, Досаалы деген эски салт-наркты билген адамдардын чөйрөсүндө чоңоёт. Чоң энеси Айымкан Чыңгызга күндө жомок айтып берчү экен. Анан кошуналардан жомок сурап келейин деп чыгып кетчү экен. Жазуучунун мындай деп айтканы бар: «Биздин айылдын аксакалдары ар бир баладан «Кана, жети атаңды айт!» деп катуу талап менен сурашат эле. Элдик акыл-эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген. Бул жөнүндө мен «Ак кеме» повестимде бала менен машина айдаган казак жигит экөөнүн аңгемелешүүсүндө айтууга аракеттенем». Элден уккан жомоктор анын «Гүлсарат», «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», «Кылым карытар бир күн», «Тоолор

кулаганда» деген чыгармаларында пайдаланылган ж. б.

Жомокторду окутууда мугалим өзгөчө анын *жанрдык өзгөчөлүктөрүнө* басым коюусу керек. Алар кайсыар:

Биринчиси, жомок – бул чындыктын тескериси, турмушта болбой турган жана болууга тийиш эмес нерселер. Окуучулар жомокту чындык катары түшүнбөшү керек, ошол эле учурда аларга «жомок да, чындык эмес да» деп текебер мамиле кылып койбошу керек, б. а. , жомокко жомоктой кароо зарыл.

Экинчиси – жомоктордун композициялык-сюжеттик жактан салттуу үч компоненттен турушу. Алар: жомок башы (башталышы); жомоктун негизги окуялары; жомок соңу (бүтүшү).

Жомок башы (киришүү). Мисалы кыргыз эл жомокторунда («Өнөрлүү бала») «Илгери өткөн заманда бир кан болуптур. Ал кандын жалгыз кызы бар экен. Ал сулуу десе сулуу, акылдуу десе акылдуу болуптур» деген сыяктуу салттуу башталыш болот. Аябай көп жомоктор «Бар экен, жок экен, илгери өткөн заманда… » дегендей даяр штамп сүйлөмдөр менен башталат.

Ал эми аякталышында (жомок соңу) «Кан менен эл баланын өнөрүнө ыраазы болушуп, кан болсо убадасы боюнча кызын берип, чоң той өткөргөн экен» («Өнөрлүү бала») дегендей бактылуу бүтүм болот.

Бул бардык эле элдин жомокторуна тиешелүү өзгөчөлүк.

Жомоктордо: Чечилбеген чоң маселе, жалпы элдин башына түшкөн оор окуя, көйгөй болот. Душман (бай, дөө, желмогуз, ажыдаар ж. б.) өтө каардуу, күчүү көрсөтүлөт. Жомоктордо «үч» («үч күн, үч түн», «үчүнчү жылы», «үчүнчү жолкусунда»), «жети» («жети күн», «жети жыл»), «кырк» («кырк кулач», «кырк кадам», «кырк чоро») деген сандар көп кайталанат.

Элдик жомокторунда айрым сюжеттер бир жомоктон башка жомокко көчүп жүрө берет, буга мисал катары «Акыл Карачач», «Акылдуу кыз» ж. б. жомокторду алсак болот. Акыл Карачач тууралуу бир канча жомоктор айтылат («Карачач», «Жээрене чечен менен Акыл Карачач», «Акыл Карачач жана Каракан» ж. б.). Ошолордо аялзатынын эркектерге караганда акыл-эстүүлүгү даңазаланат, акылдуулуктун элдик идеалы берилет. Бул жомоктордо элдик тарбиянын бир методу катары адамдын акыл-эсин сыноо үчүн суроолуу табышмактар колдонулат.

Жаныбек хан кол алдындагы элдин бир өкүлү болгон Карачачка мындай суроолорду берет:

Тулпарды уйга сатса не болот?
Атты эшекке сатса не болот?
Туйгунду каргага сатса не болот?
Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот?

Кыз болсо ал суроолорго жөнөкөй жооп берип гана калбай, терең маанилүү, философиялык ойго бай сөздөрүн айтат:

Жаныбек ханым, бузулду заңың,
Бул кандай жорук – тынчыбаган жаның.
Тулпар тушунда, күлүк күчүндө;
Күч бербеген тулпардан
Сүтүн берген уй жакшы,
Пайдасы жок туугандан
Пайдасы тийген кыйыр жакшы.
Чабыл аттан чарчабаган эшек жакшы.
Жаш жыгач отундан – жаркырап күйгөн тезек жакшы.
Канаты жок туйгундан – канаттуу карга жакшы
Каным, менин тапканым – ушу,
Сиздин укканыңыз – ушу.

Эми Ош шаарындагы «Жетиген» мектебинин мугалими К. Акматовдун жомокторду окутуу боюнча тажрыбасын сунуш кылалы: «Жомокко кызыкпаган, аларда кездешкен сырдуу, ажайып жана сыйкырдуу ааламга таасирленбеген баланы жолуктурбасак керек. – деп жазат ал. - Жомок өзүнүн сырдуулугу менен баланын көңүлүн бурат, анын мекенге жана элге кайрымдуу, too жүрөк, мээнеткеч, улууларды урматтаган, кичүүлөрдү сыйлаган, адал жана таза дилдүү инсан болуп өсүшүндө чоң роль ойнойт. Ошондуктан дүйнөдөгү бардык элдер перзенттерине жомок айтып берет. Кыргыз эли да балдардын дүйнөсүнө шайкеш, алардын тарбиясында негизги ролду ойной турган жомокторду көп жараткан... Кыргыз эл жомокторун адеп сабагы менен байланышта окутуу мектептин адабиятчы мугалимдеринин көңүл чордонунда турган негизги максаты болсо керек. Анткени, ар бир көркөм чыгарма өтүлгөндө сөзсүз түрдө чыгарманын тарбиялык маанисине токтолууга аракет жасайбыз.

«Акыл Карачач» жомогунда акылмандыктын, чечендиктин, сөз тапкычтыктын даңазаланышы, кыргыз элинин

аялзатына болгон урматтуу мамилеси тууралуу кеп болот. «Акылдуу дыйкан» жомогунда болсо эмгекчилдик, адам акылынын, адилеттиктин баарынан бийик коюлушу баяндалган. Ал эми «Кекире майса суусады, чөлдө ботом куурады» жомогунда эне менен баланын ортосундагы мамиле, алардын парзы, эненин ак сүтүн, айкөл мээримин актоо, адамгерчилик таза жүрөгүн баалай билүү, анын кадырына жете алуу жөнүндөгү ой берилет. Демек бардык жомоктордун алган багыты, көтөргөн маселеси бирдей. Ал – окуучулардын адеп-ахлак маселеси. Ал эми алдыга койгон сабактын максатына жетүүдө сабактын ар кандай формаларын тандап алышы мүмкүн. Ал мугалимдин шыгына, жөндөмүнө, чыгармачылыгына байланыштуу жүзөгө ашат. Эң негизгиси мугалимдердин дилинде төмөндөгүдөй маселелер турушу шарт:

- Жомокторду милдети эмне?
- Ал жомоктордун кандай тарбиялык таасирлери бар?
- Ушул жомоктордон адептүүлүктүн кандай үлгүлөрүн байкоого болот?

Мына ушундай маселелерге токтолуп К. Акматов өзүнүн төмөнкүдөй окутуу ыкмаларын сунуш кылат:

**Биринчи ыкма:**«Акылдуу дыйкан» жомогун окутууда мугалим жомоктун негизги идеясын окуучуларга жеткирип, урунттуу жерлеринен көркөм окутуп, балдардын жомокко болгон табитин калыптандырат. Окуучуларды чыгарма менен тааныштырган соң мугалим «Суроолор көргөзмөсү» деген усулду колдонуп, окуучулардан суроолорго жооп алат. Бул үчүн кагаздарга суроолор жазылып, класстын каалаган жерлерине жабыштырылат (окуучулардын бойлору жете турган, анчалык бийик эмес, ыңгайлуу жерге жабыштырылышы керек). Суроолор жомоктогу адеп-ахлак маселесине байланыштуу төмөндөгүдөй мааниде болушу мүмкүн:

**1-суроо:** Дыйканды эмне үчүн акылдуу дейбиз?

**2-суроо:**«Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» дегендин маанисин кандай түшүндүң?

**3-суроо:** Эселек ханды тарбиялоого болот беле?

**4-суроо:** Хандын жигиттерин адеп-ахлактуу деп айтканга болобу?

**5-суроо:** Жомоктон адептүүлүктүн кандай үлгүлөрүн байкадыңар? ж. б. у. с.

Окуучулар суроолорду аралап жүрүп окушат. Бардык су-

роолорду окуп болушкандан соң, мугалимдин жетектөөсү менен ар бир суроого токтолуп, ар бир окуучу өз оюн билдирет. Класста жалпы талкуу жүрөт. Жомоктун идеясы, андагы адеп-ахлак маселеси терең талданат. Бул усул окуучулардын эркин ой жүгүртүүсүнө, эркин басуусуна, өз оюн эркин айтуусуна түрткү болот. Класста демократиялуу маанай орнойт. Бул – бүгүнкү замандын талабы.

**Экинчи ыкма:** «Образдарды талдоо» таблицасы. Албетте, 5-класстын окуучусу көркөм адабияттагы образдарга жеткиликтүү талдоо жүргүзө албайт деңизчи. Бирок, ошол балалык баёо сезими аркылуу ар бир каарманга, мейли адам болсун, мейли айбанат болсун (Акыл Карачач, Алтын куш ж. б.) өз деңгээлине жараша мүнөздөмө бере алары талашсыз. Мүнөздөмө берип гана тим болбостон, ошол каармандар аркылуу тарбияланышы мүмкүн. Айрым каармандарды балалык дүйнөсүндөгү идеал катары тутуп калышы да табийгый көрүнүш.

**«Образдарды талдоо» таблицасы**

| Каармандар | |
|---|---|
| Акылдуу дыйкан | Эселек хан |
| | |

Сунуш кылынган таблица окуучулар тарабынан толтурулуп, жазгандарын класста ашкере окушат. Мугалим ар бир авторго ыраазычылык билдирип, кубаттап, балдардын кол чабуусу менен коштолот.

**Үчүнчү ыкма:** Адабий чыгарманы ролдоштуруу.

**Төртүнчү ыкма:** Программада берилген жомоктордун бардыгы өтүлүп бүткөндөн кийин жыйынтыктоочу сабак катары «Жомок каармандары – бизде мейманда» деген темада сабак-кече өткөрүү (окуучулардын жомоктордон алган таасирлерин байкоо; окуучулар жомоктук каармандарды жаратат; жомоктор боюнча көргөзмө уюштуруу; жомок боюнча тартылган сүрөттөр, каармандарга берилген «Мүнөздөмөлөр жыйнагы» талданып, көрүүчүлөр тарабынан бааланат ж. б.).

Биз тарбиялоо жумуштарыбызда элдик жомоктордун башка бир катар түшүнүктөр менен татаал байланышын изилдеп чыктык. Ал төмөнкү сүрөттө чагылдырылды.




Сүрөт 1. Элдик жомоктордун башка түшүнүктөр менен байланышы.

Мындан эмнелер көрүнөт:

- жомок болушу үчүн таланттуу айтуучу, же жомок токуп чыгаруучу, кыскасы, жомокчу болушу керек;
- ар бир жомок элдик оозеки чыгармачылык болгону үчүн анын мыйзамдарын аткарып туруусу зарыл (варианттарынын көптүгү; ар жолу айтканда өзгөрө бериши мүмкүн экендиги; оозеки формада баяндалышы ж. б.);
- кыргыз элинде ар бир ата-эне – жомок чыгара алган, баласына жомок айта алган, балдарынан жомоктор боюнча суроолоруна жооп бере билген инсан болушу керек;
- жомоктордо элдик салт чагылдырылат;
- ар бир эл өз жомокторуна өзүнүн турмуш-тиричилигин кошкан;
- жомоктор элдин кыялынан, максат-ниетинен, «ушундай болсо... », «ушундай болууга тийиш» деген ойлорунан жаралат, ойдон чыгарылган кыялый окуялар, каармандар басымдуулук кылат;
- жомоктордо адамдар үчүн мисал-үлгү болорлук каармандардын образы түзүлөт;
- мындай чыгармалардагы негизги кыймыл-аракет, ой, идеал каармандар аркылуу ишке ашат, каармандар оң жана тескери болуп оңой эле ажырайт;

• балдар элдик жомоктордун жардамы менен айлана-чөйрөнү жана адамдарды, жаратылышты таанып билет;

• жомоктор аркылуу бала көркөм тилин жатыктырып, лексикалык корун байытып, нукура элдик тил менен таанышат;

• баланын адептик, акыл-эс, дене-бой, эстетикалык, экологиялык ж. б. тарбия алышында жомоктор баа жеткис милдет аткарып келген ж. б.

Азыркы мектепте: «...эпостук, жомоктук чыгармалар эпос, же жомок катары гана окулуп, окуясын айтып берүүгө гана пайдаланылбастан, баланын сабактагы интеллектуалдык жактан өсүүсүнө да, рухий жактан жетилүүсүнө да эң сонун жардам берерин тажрыйбалар көрсөтүүдө», – деп жазат С. Рысбаев[1] , маселе ошол окумуштуу сөз кылган максатка жетүүнүн жолдорун жана ыкмаларын туура табууда жана алардын натыйжалуу усулдарын издөөдө жатат.

Элдик жомоктор менен иштөөдө биз «Жомоктор мүнөтү» деген он-он беш минуталык убакытта тарбиялык сааттарда жана этюд мезгилинде бир топ ыкмаларды жана жолдорду колдонобуз. Анын бир учурун кыскача карап көрөлү.

Биринчи этап: Окуучу «Өнөрлүү бала» деген жомокту даярдап келген, анын кыскача мазмунун айтып берди.

Экинчи этап: Жомоктун сюжетин бир нече бөлүккө бөлүп кайталоо.

1-окуучу: Жомок башы: «Илгери өткөн заманда бир кан болуптур. Ал кандын жалгыз кызы бар экен. Ал сулуу десе сулуу, акылдуу десе акылдуу болуптур».

2-окуучу: Окуянын башталышы: «Күндөрдүн биринде кандын төрт тулпарын багып жүргөн абышканын жалгыз баласы, кандын жалгыз кызына ашык болот»

3–4-окуучулар: Каармандардын алгачкы диалогу:

Бала (3-окуучу): – Ата, сен мага кандын кызын алып бер?

Атасы (4-окуучу: – Иттин гана баласы! Мен киммин, кейпим бул болсо, сенин кейпиң алдагы болсо, кан кантип бизге кызын берет?!

5-окуучу: Окуянын андан ары өнүгүшү: Бир күнү кан эшигинин алдында ары-бери басып жүрүп, абышканын баласына ачууланып жатканын угат.

---

[1] Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы [Текст]/ С.К.Рысбаев. – Б.: «Билим куту». 2006. – 113-б.

6–7-окуучулар: Кан менен абышканын диалогу:

6-окуучу (Кан Абышкага): – Сен баланды эмнеге эле тилдеп жатасың?

7-окуучу (Абышка Канга): – Балам Сиздин кызыңызды алып бер деп мени кыйнап жатат.

6-окуучу (Кан Абышкага): – Андай болсо, сенин балаң мага күн-түн дебей күйүп турган алтын чырак таап келип берсин, андан кийин мен кызымды балаңа беремин!

8-окуучу: Каармандын андан аркы иш-аракети: «Бала алтын чыракты таап келүүгө жол тартат. Чыракты издеп бир нече ай жол басат. Бир күнү түш ченде ээн талаада чарчап келип уктап кетет. Бир убакта чочуп ойгонуп кетип, ылдый жагын караса, кумдан оргуштап кичинекей булактын агып жатканын көрөт. Бала тура калып калпагы менен булактагы сууну башка жакка төгүп жатып, булакты соолтот. Андан кийин булактын түбүн караса, түбүндө күйүп алтын чырак турат. Бала түшүп барып алтын чыракты алат да, кайра бир нече ай жол басып келип, атасынан алтын чыракты канга берип жиберет.

6–7-окуучулар: Кан менен абышканын 2-диалогу:

7-окуучу (Абышка Канга): – Балам Сиз айткан алтын чыракты алып келди, мына!

6-окуучу (Кан Абышкага): - Эми балаң элимде жок, жеримде жок өнөр үйрөнүп келсин!

9-окуучу: Баланын андан аркы 2-сапары: Ал нечен шаарды кыдырып, өз элинде жок өнөр таппайт. Ошентип бир топ жылды өткөрөт. Чарчап-чаалыгып да, аябай арып-ачып да бүтөт. Кайра үйүнө келүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, бир жарды кемпирдикине отун-суусуна каралашып, оокат кылып жүрөт. Бир күнү түн ортосунда эшикке чыкса, бир жаман тамдын жанынан жылтылдап күйүп жаткан отту көрөт. Бала жүгүргөн бойдон жетип барат да, бул эмне болду экен деп акмалап турат. Бир киши акырын оттун ысыгына бутун салып күйгүзүп, күл кылып, кайра бут жасап, колун отко салып күйгүзүп, кайра кол жасап жаткандыгын көрөт да, кантип үйрөнүш керек деп карап тура берет. Бир убакта эшикти «шарак» эттирип ачып, үйдөн бир кыз чыгып келет да, баланы кармап алат.

10–11-окуучу: Кыз менен баланын диалогу:

10-окуучу (Кыз Балага): - Сен кайдан жүргөн баласың?

Бул шаарда сендей неме жок эле, чыныңды айт!

11-окуучу (Бала Кызга): - Мен кандын кызын жакшы көрүп калгам, атасынан айтканын аткарып өчпөс алтын чыракты алып барып бердим, эми элде жок өнөр үйрөнүп кел деди, а мен элде жок өнөр таппай келе жатамын.

10-окуучу (Кыз Балага): - Андай болсо, сен биздикинде тургун. Тигил менин атам, анын андан да артык өнөрлөрү бар. Атам кээде ат болот, кээде канаттуу куш болот, кээде төө болот, кээде адам жей турган тамак болот. Мен сага ошол өнөрдүн баарын үйрөтөмүн. Үйрөнүп болуп, анан үйүңө кетесиң!

12-окуучу: Каармандын кийинки тагдыры: Кыз балага атасынын бардык өнөрүн үйрөтөт. Бала кызга алкышын айтып коштошуп, баягы өзү жатып жүргөн кемпирдин үйүнө келет.

Ошентип, улам кийинки окуучулар баланын чоң кара ат болгонун, аны энеси сатып, акчага жеткенин, бала кайра качып келгенин, кийин кара нар болуп, ошол окуя кайталанганын, акыры сыйкырчынын өзүнө туш келип калганынан, анын кызы бошотуп жибергенде бала куш болуп сызганын, сыйкырчы аны бүркүт болуп кууганын айтып отурушат.

Жыйынтык мындай: Бала менен абышка бири бүркүт, бири куш болуп куушуп жүрүп отуруп, кечки бешимде бала турган шаарга келишет. Бала зымырап учуп келип, дөбөдө отурган кандын жанына конуп калат. Абышка баланын артынан келет да, обочороок барып конот да, бирде кыргый, бирде каз, бирде өрдөк болуп кубулуп турат. Бир кезде бала таруу болуп, кандын төш чөнтөгүнө куюлуп кетет. Абышка чоң кызыл короз болуп, «эми тарууну терип жеп коёюн деп» кандын жанына келип жер чукуп турган кезде, бала кайра куш боло калат да, кызыл корозду басып өлтүрүп салат. Ал адам кейпине айланып өз үйүнө барат. Кан кечинде көргөн укмуштуу ишине таң калып, эртеси элин чогултуп: «Бул ишти ким билет? Мен ушул жашка келгенче бир канаттуунун кубулуп, экинчи канаттуу болгонун көргөн эмесмин. Бул кандай укмуш? Ушул ишти көргөн-билгендер болсо, айтып бергиле? – дейт.

Эл жымжырт болуп калат. Бир убакта баягы бала чыгып келип:

- Каным, уруксат бериңиз, ал ишти мен билем! – дейт.

Кан балага уруксат берет. Ошондо бала канга карап:

- Сиз мага менин элимде, менин жеримде жок өнөр үйрөнүп кел дегенсиз, ал эсиңизде болсо керек? Жанагы куш болуп корозду басып жеген мен болчумун! Менин үйрөнгөн өнөрүмдү ошол короз болуп кубулган адам да билчү. Бирок ал мага душман эле. Ошондуктан ал менин артымдан кууп келген. Бирок ал мени жей албай, мен аны жеп койдум. Душманымды өлтүрдүм, каным! – дейт бала.

Баланын айтканына элдин баары таң калышат.

- Ошол куш сен болсоң, анда азыр элге бир өнөрүңдү көрсөтчү? – дейт кан балага ишене бербей. Бала макул болуп, дароо бир чоң аргымак болуп элдин ортосуна алчаңдап чыга калат. Кан менен эл баланын өнөрүнө ыраазы болушуп, кан болсо убадасы боюнча кызын берип, чоң той өткөргөн экен.

Мына ушундай жол менен сюжет эки жолу айтылат: биринчисин окуучу айтса, экиничисин анын айтканы боюнча 20–25 окуучунун катышуусунда сюжет бир нече бөлүктөргө бөлүнүп айтылат.

Үчүнчү этап: Жомоктогу айрым сөздөрдүн, сөз айкаштарынын маанисин чечмелөө. Аны үчүн төмөнкүдөй сөздөр, сөз айкаштары алынды: тулпар; иттин гана баласы; кейпим; тилдеп жатасың; күн-түн дебей күйүп турган; чырак; жол тартат; түш чен; ээн талаа; кум; чарчап-чаалыгып; арып-ачып; оттун ысыгы; күйгүзүп, күл кылып; саткын; нокто; ноктону шыпырып алуу; чоң кара нар; балталап өлтүрөйүн; мамы; агытып жиберейин; кечки бешим; зымырап учуп; кыргый; каз; өрдөк; таруу; төш чөнтөгүнө куюлуп кетет; адам кейпине айланып; аргымак ж. б.

Ошондой эле айрым сөздөрдүн синонимдери (заман – мезгил, доор; кан – падыша; сулуу – келбеттүү, чырайлуу; акылдуу – эстүү; тилдөө – урушуу, жемелөө ж. б.), антонимдери (жалгыз – көп; сулуу – куник; акылдуу – акмак; күйүп (жанып) – өчүп ж. б.), омонимдери (каз – канаттуунун бир түрү (гусь); кыймыл-аракетти билдирген сөз, мисалы, жерди каз; семиздик деген мааниде, мисалы, каз байлаган киши дегендей ж. б.) табылат.

Төртүнчү этап: Жомокко байланыштуу макал-ылакап айтуу. Мисалы, «Умтулган жетет – муратка», «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат», «Өнөрлүү өлбөйт», «Өнөрүң болсо –

өргө чап» ж. б.

Бешинчи этап: Жомоктун негизинде суроолор жана ал суроолорду талкуулоо.

1. Жомок эмне үчүн «Өнөрлүү бала» деп аталат? Өнөр дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

2. Бала эмне үчүн атасы менен келиши албай калды?

3. Кан жана анын кызы, баланын өзүнө ишеними

4. Кан балага кандай тапшырмаларды берди? Эмне үчүн?

5. Баланын акылмандыгы кайсы учурларда көрүнөт?

6. Баланын өнөр үйрөнүү үчүн аракеттери

7. Өнөрдүн даңазаланышы жана өнөрдүн адам турмушундагы мааниси

8. Сыйкырчылык кандай өнөр?

9. Жомок силерге кандай таасир этти? (Үйдөн жомоктон алган таасир боюнча эссе жазып келүү)

Жомокторду окутууда төмөнкүдөй технологиялар майнаптуу экендигин айта кетмекчибиз: жомок-кече; жомокчу менен жолугушуу; викторина; жомок боюнча сүрөт тартуу; жомоктун негизинде слайд жасоо; жомокторду ролдоштуруп окуу; жомоктун мазмунун айтып берүү; жомоктун окуяларынын планын түзүү; сөздүк жумуштары; окшош жомок чыгаруу; жомоктор дүйнөсүнө саякат ж. б.

### Окуучуларды элдик жомоктордун негизинде окутуунун негизги технологиялары, алардын башкы милдеттери

| Технологиялары | Башкы милдеттери |
|---|---|
| айтып берүү | Жомоктун мазмуну, сюжеттик сызыгы бузулбай айтып берилет |
| текст окуу | Жомоктун текстти үн чыгарылып, көркөм окулат |
| түшүндүрүү | Жомоктун педагогикалык ойлору мугалим тарабынан өзгөчө басым жасалуу менен түшүндүрүлөт |
| аңгемелешүү | Жомоктун мазмунун негизинде окуучулар менен суроо-жооп баарлашуулары жүргүзүлөт |
| тилдик жумуштар | Жомоктун текстиндеги синоним, антоним, омоним сөздөрдү, түшүнүксүз сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын, макал-ылакаптарды, диалогдук жана монологдук речтерди таап, алардын педагогикалык маанисин чечмелөө. |

| Интерактивдүү окутуунун технологиялары | |
|---|---|
| оюндар (ролдук оюндар) | Окуучулар өздөрү жомоктун каармандарына айланышат, «Жомоктор дүйнөсүнө» азыркы балдар кыялында «кирет». |
| кичи топтордо иштөө, «Мээ чабуулу», «Даймонд», «Кластер» | Жомоктогу каармандар сыяктуу окуучулар да өнөктөшүп иштөөгө көнүгүшөт, маселелерди акылдашып чечет, ар түрдүү кырдаалдарда тез жана өз алдынча ой жүгүртүп чечет, ошол чечимин далилдейт. |
| жуп-жубу менен иштөө | Жомоктун каармандарын туурап жуп-жуп болуп аракеттенет, чыгарманын окуяларына тереңирээк аралашат, өнөктөшүнүн пикирин уга билүүгө көнүгөт жана түшүнүүгө, толеранттуулукту терең аңдап билүүгө мүмкүнчүлүк ачат |
| талкуу | Жомок боюнча өз оюн толук, кысылбай айтууга, жеке пикирин башкалардын ойлору менен салыштырууга, өз пикирин көпчүлүктүн алдында коргой билүүгө көнүгөт, мугалим жана окуучулар ичинде өзүн толук ачып берүүгө шарт түзүлөт. |

# V КЛАССТА ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ТАЛДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## (А. Осмоновдун «Бүкөн», «Неге кечигет», «Кыргыз тоолору» деген ырларынын мисалында)

### Лирикалык чыгармалардын тексттерин интерпретациялоонун методикалык каражаттары жана аларды өркүндөтүү

1. Адабиятты окутууда үйрөнүлүүчү чыгармалардын жанрына, тегине, түрүндө карата мамиле кылуунун зарылдыгын белгилеп келебиз.

Текст менен иштөөнүн башкы жолу – аны интерпретациялоо. Көркөм чыгарманын текстин интерпретациялоо аркылуу биринчи кезекте ошол чыгарманын идеялык-тематикалык тереңдиги, көркөм-эстетикалык сапаты ачылат; экинчиден, ошол конкреттүү чыгарма конкреттүү автордун чыгармачылыгында, жалпы бир элдин адабий процессинин контекстинде турган орду байкалат; үчүнчүдөн, текст максаттагыдай талданса, ошол процесстин өзүндө сүрөткердин инсандык сапаттары көрүнөт; төртүнчүдөн, чыгармага текстологиялык талдоо жүргүзүү менен окуучу көркөм чыгарма жазуунун сырларын үйрөнөт; бешинчиден, адабий талдоо сабак процессинин кызыктуу, жандуу өтүшүнө шарт түзөт, алтынчыдан, интерпретация жүргүзүү сөздөн качып, практикалык ишке жетишүүгө жардам берет.

Окутуу процессинде көркөм текстти интерпретациялоо азыркы көндүмгө айланган традициялуу сабактын инерциясынан оолактап, сабак-лекция, сабак-конференция, жомок-сабак, семинар-сабак, сабак-инсценировка, диспут-сабак сыяктуу сабактын жаңы формаларын, адабият сабагынын искусствонун жана илимдин башка түрлөрү менен байланышын, окуучулардын жекече ишмердүүлүгүн, реферат, доклад даярдоону, чыгармаларды инсценировкалоону талап кылат. Ошон үчүн текстти интерпретациялоодо көңүл буруучу нерселер – сөздүн маанисин түшүнүү, көркөм деталдардын аткарган кызматын аңдаштыруу, баяндоодон, сүрөттөөдөн образга, анализден синтезге өтүү.

Адабият мугалими өз предмети аркылуу окуучулардын ыймандык сапатын өнүктүрүп, коомдук таанып-билүүсүн жогорулатып, сезимин калыптоого тийиш, балдар бул сабактан өз өмүрлөрүнө тутка-жөлөк болор адамдарды табат, рухий дүйнөлөрүн байытат, бул эң негизги милдеттер – сабакта көркөм чыгарманы интерпретациялоо аркылуу ишке ашат.

А. Т. Твардовский мындай деген: «Биздин окуучулар роман же повестти окуганда, аны колундагы калеми менен гана «анализдебей», окуу процессине китеп менен кубанычтуу пикирлешүүнүн, ой бөлүшүүнүн процесстеринде маани берүүнү каалар элем... Биздин замандаш, көрүнүктүү жазуучу, менин оюмча чыгаан педагог Самуил Яковлевич Маршак макалаларынын биринде, жөнөкөй бир сыйра окуудан баштап ой жүгүртүү менен акыл калчап, искусство чыгармасы адамдарга алып келген ырахаттан куржалак калтырбай чыгарманы анализдөөгө өткөн мугалим бактылуу мугалим экендигин айткан.

Бул – чындык, мына ушул чоң бакыт». Мына ушул орус жазуучусу кеп кылган бакыт адабият мугалими тарабынан окуучунун колуна карматылууга тийиш, мугалимдин кесипкерлик жана атуулдук эң биринчи милдети ушунда: ал көпүрө – бир өйүзүндө көркөм сөз өнөрүндө көтөрүлгөн маселелер жатса, экинчи өйүзүндө бүгүнкү бала, анын айлана-чөйрөсү, турмушу жатат.

Адабий чыгарманы түшүндүрүү – татаал процесс, бул бир-эки сабактын, же бир жылдын үзүрү эмес, аябай көп түйшүктүү сабактардын системасынын акыбети. Чыгарманы педагогикалык процессте анализдөө адабий изилдөөнүн, көркөм сындын, лингвистиканын, искусство таануунун ж. б. жардамында ишке ашырылат.

Адабият таануу, анын бөлүмдөрү – адабият теориясы, адабий сын, адабий изилдөө, текст иликтөө (текстология) бүгүнкү адабият сабагынын бардык этабында, бардык учурларда кеңири катышууга тийиш, көп учурда бул маселеге маани берилбей, мугалимдер адабияттаанууну мектепке ылайыксыздай көрүп, сабак процессине аралаштыргысы келбейт. Кыргыз адабияттаануу илиминин материалдарына таянуу менен чыгарманы интерпретациялоо окуучулар кабыл алып жаткан чыгарманы тарыхый, социологиялык, публицистикалык, эстетикалык жактан терең үйрөнүүгө жол ачат. Би-

рок чыгарманы мектепте талдоо илимий талдоодон айырмаланып, үйрөтүүчү, тарбиялоочу милдетти көбүрөөк көтөрөт, ал мугалимдин түздөн-түз дидактикалык иш-аракетинин натыйжасында окуучу менен педагогдун биргелешкен ишмердигинин процессинде жүргүзүлөт. Бул процессте көркөм чыгарманын текстин туура түшүнүү, оозеки жана жазуу речин өстүрүү үчүн сөз корун байытуу, сулуулукту сезе билүүгө көнүү жумуштары аткарылат.

Биз мугалимдерге текст менен иштөөнүн этаптарына ылайык мындай тапшырмаларды сунуш кылдык.

Биринчи этап: Чыгармачылык менен окуу методу.

Методдун маңызы – чыгарманы көркөм дөөлөт катары кыбылдоого окуучуну даярдоо.

Методдун пайдалуулугу – окуучулардын көркөм кабылдоосун өстүрүп, эмоциясын ойготот, сөздү угуу, түшүнүү көндүмдөрүн калыптайт, лексикалык корун жогорулатат, стилдик жактан жаңы нерселерди үйрөнөт.

Чыгармачылык менен окуу методунун ыкмалары:

1. Мугалимдин кириш сөзү (жазуучу же тексттин алдында окулуучу бөлүгү тууралуу маалымат, обзордук дарс) окурмандык кабылдоону көтөрүүгө көмөктөшөт.

2. Көркөм окуу (мугалим, артист, окуучу тарабынан аткарылат) – окулган текстти кабылдоого жана анын негизинде ой жүгүртүүгө шарт түзөт, автордук позицияны аныктоого жана чыгарманы түшүнүүгө жол ачат.

3. Эркин сукбатташуу – текстти талдоодо сабактын кийинки этабы болуп, окуучулардын речин жана ой жүгүртүүсүн көтөрүп, көңүл буруусун жогорулатат.

4. Чыгарманын каарманы жак (тарап) болуп текстти баяндап берүү – тексттин оюн, темасын, идеясын, композициясын, сюжетин, түзүлүшүн, стилин дагы тереңирээк өздөштүрүүгө жол ачып, башкы нерсе эмне экендигин экинчи нерседен бөлүп алууга мүмкүндүк түзөт, каармандын абалына жакындан аралашып, аны менен бир азга болсо да «чогуу жашоого» көнүктүрөт.

5. Чыгармачылык тапшырмалар – окуучулардын турмуштук байкоолорунан, жашоодогу багажынан улам текстге байланыштуу алынып, алардын креативдүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, көркөм текстти дагы туура жана тереңирээк кабылдоого жардам берет.

6. Окуп, ойлонуу, суроо ыкмасы – текстти өз алдынча окуп чыгып, түшүнүксүз учурларды, сөздөрдү белгилөө, аларды автордун жана мугалимдин жардамы менен түшүнүү.

7. Сөз менен сүрөт тартуу – мында тексттеги пейзаждык сүрөттөөлөрдү, каармандардын тышкы кебете-кешпирин, интерьерлерди окуучулар сөз аркылуу айтып берет. Айтып берүүдө тексттин лексикасын пайдаланат, ошондой эле өздөрүнүн сөзүн да кошот. Мындай ыкмада – окуучулардын ичинде бугуп жаткан жаңы сөздөр «ойгонот», сөз кору жаңы сөздөр менен толукталап, өз оюн ырааттуу баяндоого үйрөнөт.

Көркөм текстти анализдөөдө жана интерпретациялоодо мындай ыкмаларды колдоонунун эффективдүүлүгүн белгиледик:

1. Проблемалык суроо коюу.

2. Эвристикалык аңгеме жүргүзүү.

3. Анализдин элементтери менен кайра айтып берүү (сценаны, эпизодду, образды анализдөө; пейзажды, интерьерди ж. б. талдоо).

4. Суроолорго тексттеги сөздөр менен жооп берүү.

5. Анализдин жана интерпретациялоонун ар түрдүүлүгүнө жетишүү үчүн салыштыруу:

- ошол эле автордун башка чыгармасы менен;
- ар түрдүү авторлордун тематикасы окшош чыгармалары менен;
- стили окшош чыгармалар менен;
- окуялары окшош чыгармалар менен;
- окшош каармандар менен;
- окшош эпизоддор менен;
- адабий агымдар (мисалы, «заманачылар» поэзиясы) менен;
- адабий текстти музыка, сүрөт өнөрү, бедизчилик, кинематография, театр, балет ж. б. менен;
- тексттин башка варианттары менен ж. б.

Жогорудагыдай жумуштардын кандайча аткарылып жаткандыгын текшерип, аныктоонун формалары:

- проблемалык суроолорго жазуу түрүндөгү жооптор;
- каармандарды мүнөздөп жазуунун ар кандай формалары;
- тест;

- рецензия;
- пикир жазуу;
- оозеки жооп берүү;
- аңгемелешүү;
- пикир алышуу ж. б.

Мына ушундай иш чараларды үзгүлтүксүз жүргүзгөндөн кийин окуучулардын көркөм текстти окууга кызыгуусунун диагностикасын аныктоого болот. Аларды аныктоонун жолдору:

- байкоо;
- анкета алуу;
- китепканага баруусун талдоо;
- окуучунун чыгармачылык жөндөмүнүн өсүшү;
- окуучунун оозеки кебинин жогорулашы;
- окуучунун жазуу иштеринин сапаты ж. б.

Мына ушулардын ичинде лирикалык чыгармаларды окутуунун өз өзгөчөлүктөрү бар. Окуучулар лирика деген адамдын ички сезимин көрсөтүүчү жанр экендигин жакшы билет, андыктан да андай жанрлардын эң биринчи жагы – текстинин эмоционалдуулугу, лирикалык каармандын ички сезимин билдирүүсү.

Лирикалык чыгармалардын текстин интерпретациялоонун биринчи этабы – текстти көркөм окуу. Текстти алгачкы жолу көркөм окуунун формалары: купия (тынч) окуу; жамаат менен окуу; топ-тобу менен (группалык) бөлүнүп окуу; жеке окуу.

Лирикалык ырлардын тексттерин интерпретациялоону конкреттүү чыгармалардын мисалында карап көрөлү.

**Алыкул Осмоновдун «Бүкөн» деген ыры** V класста бир саат менен үйрөнүлөт. Өтө чакан ыр. Текстти интерпретациялоодо бул чыгармага лингвистикалык комментарий зарыл. Себеби, биринчиден, көркөм чыгарманын жаңы, анын «биринчи элементи» – тил, тилсиз чыгарма жок, ошон үчүн адабиятты сөз өнөрү дейбиз, демек сөз өнөрүн үйрөнүү сөздү үйрөнүүдөн башталууга тийиш. Экинчиден, тилдин ар кандай катылып жаткан сырлары, «көзгө көрүнбөс, кулакка угулбас» жактары сөз устаттары – таланттуу жазуучулар тарабынан кайра иштелгенде, алардын чыгармачылык өнөрканасында ийленип, бышырылганда мурда байкалбаган жактары байкалып, өзүнчө бир кереметтүү кубулуп чыга ке-

лет. Үчүнчүдөн, ар кандай тил, анын ичинде көркөм чыгарманын тили да бир окулуп кеткенде көп байкала бербеши ыктымал, анын асылдыгын толук сезүү үчүн мугалим жана окуучу болуп бири-бирин толуктап, ар кандай сөздүктөргө, тилчи окумуштуулардын ой-пикирлерине таянып, талашып-тартышып сабак процессинде көпчүлүк менен өздөштүргөндө гана алган билим тереңирээк жана бекемирээк болот.

Академик Н. М. Шанский текстке лингвистикалык комментарий берүүдө төмөнкүдөй тилдик факторлорду аныктоону зарыл деп эсептейт:

• эскирип, колдонуудан чыккан сөздөр жана сөз айкаштары, б. а. лексикалык жана фразеологиялык архаизмдер жана тарыхый сөздөр (булардын ичинен семантикалык архаизмдерге өзгөчө көңүл буруу керек);

• поэтикалык символиканын түшүнүксүз фактылары;

• колдонуудан чыгып калган перифраздар;

• азыркы адабий тилде сүйлөгөндөргө түшүнүксүз болгон айрым диалектизмдер, профессионализмдер жана терминдер;

• сөздөрдүн курулушунда, семантикасында автор тарабынан жасалган индивидуалдуу жаңы түзүмдөр, оригиналдуу тилдик табылгалар;

• талданып жаткан тексттеги таяныч (башкы) сөздөр, алардын чыгарманын конкреттүү мазмунун ачуудагы ролу;

• фонетика, морфология жана синтаксис тармагындагы колдонуудан чыккан жана нормадан тышкары турган фактылар.

Демек, мына ушундан алып караганда текстти лингвистикалык талдоо тил илими менен байланышат да, ал текстти тилдик кабыл алуу болуп саналат, ошол эле кезде чыгарманы адабий-эстетикалык кабыл алуу да четте калбоого тийиш.

Эми «Бүкөн» деген ырды талдоого өтөлү. Албетте, ыр адегенде көркөм окулат, мугалимдин кириш аңгемеси болушу, окуучулар менен сукбат жүргүзүлүшү ыктымал, а лингвистикалык комментарий сабактын бир фрагменти катары гана колдонулушу мүмкүн.

Бүкөнтай – бучук мурун, үч жашар кыз,
Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз.

Аз ыйлайт, борс-борс күлөт, көп да күлбөйт,
Кемпирден токсондогу таза сүйлөйт.

Кыргыз да... ачырканбай кымыз ичет
Кучактап уктап калат бир жилик эт.
Ар убак абалары «ырдап кой» дейт,
Бүкөнтай көздү жумуп ырдап кирет.

«Сагындым, атакем ай, келсе экен» – дейт,
«Ал жеңип, тилегимди берсе экен» – дейт.

Карылар муну укканда жым болушат,
Көзүнөн жаш чууртуп бурчак-бурчак.

Анткени үч жыл болду кабар келген,
Палан күн... палан жерде өлдү», – деген.

Эл үчүн каза таап жоо огунан,
Бүкөндүн атакеси кайтпай калган.

Бирок да бардык айыл жакшы көрөт,
Бүкөндүн эркелетчү атасы көп.

Ырдын болгону ушул.

Сабактын фрагментинин максаты: а) билим берүүчүлүк жактан – А. Осмоновдун ырынын идеялык-тематикалык маңызын ачуу, акындын ички сезими, ой толгоолору кандайча ишке ашып жаткандыгын көрүү, ырдын пафосун, тилдик байлыктарды колдонуу чеберчилигин талдоо ж. б.; тарбиялык жактан – сулуулукту барктай билүү, адамды, анын дүйнөсүн түшүнүү жана кишини сыйлоо сезимдерин өстүрүү; в) өнүктүрүүчүлүк жактан – эмоциялык кабыл алууну, көркөм окуу жана адабий-тилдик көндүмдөрүн калыптоо процессине көмөк көрсөтүү.

Окуучулар дароо эле байкаган сырткы өзгөчөлүк, көзгө урунган алгачкы эле бөтөнчөлүк – ырдын формасынын башкача экендиги. Бул өзгөчөлүк ыр строфаларынын эки гана саптан тургандыгы. Мындай ырлар бейт деп аталарын, ал Чыгыш поэзиясында кеңири учурарын, *аа* формасында жуп (эгиз) уйкаштыкты түзөрүн, кыргыздарда Барпы Алыкулов менен Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгында көбүрөөк кездешерин айтып өткөн оң.

**Биринчи бейт:**

Бүкөнтай – бучук мурун, үч жашар кыз,
Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз.

Талдоо: Мугалим. «Бүкөн» деген ыр эмне үчүн «Бүкөнтай» деген сап менен башталып атат? Бул кандай сөз?

Окуучу. Анткени автор Бүкөн жөнүндө айткан атат да, аны эркелетип жатат.

Андан ары окуучулар менен мугалим эркелетүүчү мүчө (-тай) колдонуларын, бул эркелетүүнү эмне үчүн, кандай максатта колдонулары айтылат да, мында Бүкөнгө карата автордун жана жалпы эле элдин, көпчүлүктүн сүйүүсү, жакшы көрүүсү, эркелетүүсү берилери аныкталат. Демек биринчи сөз менен образдын бир сыры ачыла баштады. Каармандын аты анын ким экендигинен жылт эткен кабар берди. Ошол Бүкөнтайды мүнөздөөчү эпитет – «бучук мурун». Бул сөз кайсы учурда, кимге карата колдонулат? Ал кыргыздын эркелетүү маанисиндеги айтылган кеби болуп, жаш балдарга карата пайдаланылган. Эгерде сөздүн маанисин түзмө-түз түшүнсөк, мурундун бучуктугу бул – адамдын бир дене мүчөсүнүн кемтиктиги, эгер ошол чоң кишиге айтылса, аны кордогондук болмок, а балага карата колдонгондорго ошол баланы жакшы көрүү, эркелетүү үчүн кошумча өң-түс алат, анын мурунунун бучуктугун билдирбейт. Алыкулдук бул табылга кыргызга гана тиешелүү, накта улуттук өзгөчөлүк, эгер ошол сөз айкашын ошол бойдон орусчага, же башка тилдерге которсок, ырдын маанисин таптакыр бузуп алабыз.

Андан ары Бүкөндү мүнөздөөчү саптар – «бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз». Мындагы «жүз» деген сан атооч сөз эмне үчүн колдонулуп жатат? Албетте, акын Бүкөндүн канча жолу жыгыларын санабайт, аны саноо да мүмкүн эмес, бул жерде жөн гана үч жашар кыздын курак өзгөчөлүгүн, басышты жаңы үйрөнүп жаткандыгын көрсөтүп «жүз» деген сөздү «өтө көп» дегенге синоним катары колдонот.

Мына ушул биринчи бейттен дүйнөгө өзүнчө келген, жаңы гана жашоону баштаган наристенин татынакай, таза, аруу элеси келди.

**Экинчи бейт:** Аз ыйлайт, борс-борс күлөт, көп да күлбөйт,
Кемпирден токсондогу таза сүйлөйт.

Талдоо: Мугалим: Ушул саптарда кандай турмуштук карама-каршылыктар бар:

1-окуучу. Ыйлоо – күлүү.

2-окуучу. Бүкөн – кемпир.

Экинчи бейт Бүкөндүн мүнөзүн, анын балалык белгиле-

рин ачууга жумшалат. «Борс-борс» деген дабыш тууранды сөз баланын таза күлкүсүнүн, эч нерседен бейкапар турмушунун элесин берет да, акырын гана тексттин ичине «көп да күлбөйт» деген сөз айкашын камтып, кооганын башталышын кыстарып өтөт. Анан кайра наристелик сүйкүмдүүлүктү, «кемпирден токсондогу таза сүйлөйт» деген саптарда берет. «Бала тили – бал», Бүкөн – дал ушундай бал тилдүү кыз.

**Үчүнчү бейт:**

Кыргыз да... ачырканбай кымыз ичет,
Кучактап уктап калат бир жилик эт.

Автор бөбөк каарманына кыргыздык белгилерди берип жатат. Ал белгилер: кымызды ачырканбай ичиши, бир жилик этти кучактап уктап калышы. Булар жөн гана улуттук тамак аштар эмес, символдор, кымыз – актыктын, тазалыктын, жилик эт – бүтүндүктүн, токчулуктун, эл пейилинин символу, кыздын уктап калышы болсо – бейпилдиктин, тынчтыктын символу.

Жогорудагы үч бейитте (6 сапта) акын эмнелерди айтууга жетишти? Окуучулар менен иштешүүдө төмөнкүдөй маселелер аныкталат: каарманынын ким экендиги, анын тышкы белгилери, мүнөзүнүн айрым жактары, ошол каарманын көрсөтүүдө колдонгон сөз байлыктары. Класстагы окуучулар Бүкөндүн ким экендигин билишет, эң негизгиси ага карата симпатия пайда болот, акын бизди өзүнүн кичинекей каарманын сүйгүзүүгө мажбур кылды, биз Бүкөнтайды жакшы көрүп эркелеткибиз келип кетти. Мына ушундай окурмандык сезим-туюмда турганыбызда күтүлбөгөндөй кош сапты тартуулайт.

**Төртүнчү бейт:**

Ар убак абалары «ырдап кой» дейт,
Бүкөнтай көздү жумуп ырдап кирет.

Мында дагы бир турмуштук көрүнүш көз алдыга тартылат, бул чоңдор менен балдардын мамилеси. Биринчиси, сүйкүмдүү кызды эркелетип чоңдордун «ырдап кой» деп турушу. Экинчиси, чоң кишилердин сөзүнөн чыкпаган Бүкөнтайдын ырдап кириши, ал жөн эле ырдабайт, «көздү жумуп ырдайт». Көздү жумуп ырдаганы эмнеси? Кыздын тартынчаактыгыбы, же уялчаактыгыбы, же башка дарты барбы?

**Бешинчи бейт:**

«Сагындым, атакем ай, келсе экен», – дейт,
«Ал жеңип, тилегимди берсе экен», – дейт.

*Мугалим.* Мындагы төл жана бөтөн сөздү – автордун жана каармандын сөзүн тапкыла?

*Окуучу.* Автордун речи же төл сөз эки сапта тең «дейт» деген сөз, ал эми каармандын сөзү, б. а. бөтөн сөз – «сагындым, атакем ай, келсе экен, ал жеңип, тилегимди берсе экен». Мына ушул эки сап, Бүкөндүн ырынын эки сүйлөмү бүт чыгарманын бийик чокусу, жаны, автордук ойдун талуу жери. Каарман болгону эки ооз сөз айтат, бирок ошого баарын камтыйт, бүт батырат. Бул саптар – кыздын тилеги, ниет-ою, сагынычы, кусалыгы, каргышы, трагедиясы.

«Атакем ай» деген эркелетүү маанисиндеги сөздө не бир сүйүү, сагыныч жатат, атасын көрбөгөн үч жашар, жана гана темтеңдеп баскан кыздын татаал тагдыры жатат. Төрөлгөнүнө үч гана жыл болгон кыздын тилегенин карабайсыңарбы – атасынын жеңиши. Үч жашар кыздын ыры ыр эмей эле арман, боздоо, фашизмди жектөө экен. Алыкул талантту акын катары «согуш», «фашист» дебей эле, «согушта жеңебиз», «талкалайбыз», «күлүн көккө сапырабыз» дебей эле жаңыдан гана дүйнөгө келип аткан кыздын эки сап ыры менен антисогуштук оюн жазып таштады. Бизди эң эле таасирленткени – дүйнөнү тааный элек бөбөктүн тили «сагындым, атакем ай, келсе экен, ал жеңип тилегимди берсе экен» деп чыккандыгы.

*Мугалим.* «Келсе экен», «берсе экен» деген сөздөр кайсы сөз түркүмү.

*Окуучу.* Бул сөздөр – этиш.

*Мугалим.* Этиштин кайсы ыңгайы?

Окуучу. «Келсе экен», «берсе экен» деген сөздөр этиштин тилек ыңгайы.

*Мугалим.* Тилек ыңгай жөнүндө айтып бергиле, жогорудагы сөз айкашын кандайча тилек ыңгай болгондугун көрсөткүлө.

*Окуучу.* Тилек ыңгай кыймыл-аракеттин аткарылышы үчүн болгон тилекти билдирет, иштин аткарылышы же аткарылбай калышы сүйлөөчү үчүн ачык болбойт, ошонун жүзөгө ашышы тиленет.

*Мугалим.* Тилек ыңгай грамматикалык жактан кандайча уюштурулууда?

*Окуучу.* Буйрук этишке *-са* мүчөсү уланып, анан «экен» деген кошумча сөз кошулуп тилек ыңгай жасалды.

Демек акын этиштин тилек ыңгайын колдонуу менен Бүкөндүн тилегин көрсөтүп жатат.

**Алтынчы бейт:**

Карылар муну укканда жым болушат,
Көзүнөн жаш чууртуп бурчак-бурчак.

Мында төмөнкүдөй фразеологиялык сөз айкаштарынын маанисин ачып алуу керек: 1) жым болуу – унчукпай, сөз сүйлөй албай калуу, эч нерсе дей албоо; 2) көзүнөн жаш чуурутуу – ыйлап көз жашын тынымсыз агызып туруу; 3) бурчак-бурчак жаш – көп, токтолбогон.

Демек бул саптарда Бүкөндүн ырын уккандагы карылардын психологиялык абалы, алардын, биринчиден, тиги наристе кыздын тагдырына жан кейитүүсү; экинчиден, өздөрүнүн жеке кейишин эске түшүрүүсү көркөм параллель берилген, бөбөктүн ыры анын оозунан чыгып, тигилердин жүрөгүнө жетип атат, кайгылардын ашталышы, бири менен экинчисинин урунулушу болду.

**Жетинчи бейт:**

Анткени үч жыл болду кабар келген,
«Палан күн... палан жерде өлдү» – деген.

Мындагы көңүл буруучу нерсе – «үч» деген сан атооч. Эмне үчүн – үч. Төрт эмес, беш эмес, эки эмес, бир эмес – үч. Окуучуларга суроо коюуга болот: «Бүкөн» деген ырда «үч» деген сан атооч дагы кайсы жерде кездешет? Жооп: «Бүкөнтай – бучук мурун, үч жашар кыз» деген саптар бар. Демек кыздын жашы – үчтө, атасынын өлгөнүнө үч жыл болду. Кездешпеген тагдырлар, кайчы өткөн өмүрлөр. Бирөө жарык дүйнөдөн кетип атканда экинчиси ошол жарык дүйнөгө келип жатат, бирөө жарык дүйнөгө келип атканда экинчиси кетип атат. Көрүшпөгөн, жолугушпаган ата менен кыз. Ага ким айыптуу, эмне айыптуу?

«Палан күн... палан жерде өлдү» деген кабарды автор эмне үчүн колдонуп атат? Неге башкаларчылап бир цифраны же бир шаарды, маселен, «1943-жылы Минск шаарында» деп жазып койбойт. Жок, автор атайын ошентип жатат. Бул тагдыр бир эле Бүкөндүн, бир эле анын атасынын тагдыры эмес, көпчүлүктүн тагдыры, аты-заты белгисиз миллиондогон жоокерлердин жана алардын уулдары менен кыздарынын тагдыры. Дагы суроо: буга ким айыптуу?

Мугалим конкреттүү материалдарды колдонуу үчүн ай-

ылдагы кимдин атасынан ушундай «кара кагаз» келгендигин сурап-билип, анда ошолордун уул-кызы (азыркы Бүкөндүн курбалдаштары) тууралуу айтып берип, аларды аңгемелешүүлөргө чакырса болот, ошолордун эскерүүлөрүн үналгыга жазып келип уктурса да сабак майнаптуу чыгат, мүмкүн болсо «кара кагаздарды» да көрсөтүү керек.

**Сегизинчи бейт:**

Эл үчүн каза таап жоо огунан,
Бүкөндүн атакеси кайтпай калган.

V класста синтаксистик талдоону терең билишпегендиктен төмөнкүдөй суроолор менен сүйлөмдү талдоого болот:

1) ким кайтпай калган? – Бүкөндүн атакеси.

2) Бүкөндүн атакеси эмне болду? – Каза тапты.

3) Эмне үчүн каза тапты? – Эл үчүн.

4) Эмнеден каза тапты? – Жоо огунан.

Көңүл бурулуучу таяныч сөздөр: эл үчүн, жоо огунан, кайтпай калган, каза таап. Бүкөндүн ырындагы «атакем ай» деген жалбарган, жалынган, сагынган сөзгө жооп кылып автор «атакеси» деген сөздү колдонууда. Бул сөз аркылуу кыз менен атанын ысык мээримин, назик ымаласын чагылдырууда.

**Соңку бейт:**

Бирок да бардык айыл жакшы көрөт,
Бүкөндүн эркелетчү атасы көп.

Мындагы автордук ой – бүткүл ырдын жыйынтыгы – Бүкөндүн атакеси кайтпай, жоо огунан каза болгон менен бүт айыл аны жакшы көрөт, өз перзенттериндей эркелетет, анын атасы көп.

Мында дагы эки карама-каршы нерсе бар: биринчиси, Бүкөндүн атасынын жоктугу; экинчиси, Бүкөндүн атасынын көптүгү. Акын жеке тагдырдын өксүгү менен элдин элдигин, эл ичиндеги трагедиялуу инсан жалпы калайык-калк, журт көргөн кыйынчылыктарды көрөрүн айтып өтүүдө. Соңку саптарда балага карата мурдатан акын түзүп келаткан ылым саноону жогору бийиктикке жеткирет, наристеге карата таза, ак дилден айтылган, боор ооруган, жакшы көргөн, аяган сөздү колдонот.

Окуучуларга Мидин Алыбаевдин «Мааниси жок махабат» деген макаласынан төмөнкүдөй мисалды окуп берүүгө болот: «Китептин 15-бетинде (сөз А. Осмоновдун «Махабат» жыйнагы жөнүндө баратат – М. А.) «Бүкөн» деген атасы фронттон кур-

ман болгон жетим кызды жазып келип... ал баланын – адамдын мурдун бучук кылып кемсинтип, шылдыңдап, төшөктү май кылып, бир жилик этти кучактатып жаткандыгынан өйдө жазганын жактырбадык». Анан ушул пикир менен окуучулардын ою дал келеби же балдарда башкача көз караш пайда болдубу, муну салыштырып чыгуу керек. Ушунда кандайдыр бир деңгээлде проблемалык жагдай түзүү абалын пайда кылуу үчүн ыңгайлуу мезгил, шарт болот.

Текстти тереңирээк өздөштүрүү үчүн андан ары төмөнкүдөй усулдук ыкмаларды жана жолдорду сунуш кылабыз:

1. Атасын же кимдир бирөөнү күтүп аткан үч жашар кыз тартылган сүрөттү көрүп, анын негизинде аңгеме жүргүзүү; чыгарманын негизинде балдар сүрөт тартса да болот.

2. Т. Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы», Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемелери (телефильм) жана башка чыгармалар менен салыштыруу.

3. Музыка угуу (мугалимдин тандоосу менен «Саманчынын жолу» балет-ораториясынан же кыргыздын классикалык күүлөрүнөн ж. б.).

4. Тилдик-сөздүк жумуштар:

а) төл жана бөтөн сөздөрдү табуу;

б) автордун жана каармандын сөзүн өз-өзүнчө ажыратуу;

в) эркелетүү маанисиндеги сөздөрдү, сан атоочторду, сын атоочторду, ат атоочторду, сырдык сөздөрдү, тууранды сөздөрдү табуу;

г) уйкашкан сөздөрдү ажыратып чыгуу (жашар – басар ж. б.);

д) айрым сөздөрдүн синонимдерин, анонимдерин, омонимдери табуу ж. б.

5. Мугалимдин суроолоруна окуучулардын жооп бериши. Маселен болжолдуу түрдө класста төмөнкүдөй суроолорду талкуулоону сунуш кылар элек:

а) Ырга башкача ат коюу керек болсо силер эмне деген ат коёр элеңер жана эмне үчүн? («Бүкөн» деген ырга башка жакшы ат табуу боюнча конкурс);

б) Бүкөн чоңойгондо атасы жөнүндө чындыкты билет, ошондо кандай абалда болорун сүрөттөп айтып бергиле.

в) Эмне үчүн бул ырды согуш темасындагы ыр дейбиз? Бүкөндүн ушул абалына ким айыптуу? Арабызда Бүкөндөр барбы?

г) Эгер сен Бүкөндүн ордунда болсоң эмне кылат элең?

д) Мына азыр ошол согуш убагы дейли, сенин алдыңда атакесин сагынып ырдап үч жашар Бүкөн турат, сен ошого кандай мамиле кыласың? ж. б.

6. Чакан аңгеме-баян жазуу. Темасы – «Атасы жана кызы» (же башка тема коюп) ж. б.

**А. Осмоновдун V класста «Неге кечигет» (1942-жылдын жазына)»** деген ырын окутууну карасак.

Ыр болгону алты куплет, ар куплетте төрттөн сап. Кой-Сарыда 1944-жылдын 28-декабрында жазылган. Таң калычтуусу ыр 42-жылдын жазына багышталса да, ошол кезде акын жүрөгүнөн чыкпаган да, негедир үч жылга жакын дилинде катылып жүрүп, анан гана чыгармага айланган. Окуучулар үчүн «Неге кечигетти» түшүндүрүүдөгү башкы татаалдык – ырдын өтмө мааниде жазылгандыгы, метафоралуулугу. Бул – биринчиси. Экинчиси – бул чыгарманы башталгыч класcты жаңы эле бүткөн окуучулар мурдагы көнүмүш адаттары боюнча А. Осмоновдун поэзиясын чыныгы лириканын нарк-насили менен карабай, жөн гана примитивдүү маалыматтык нерсе катары мамиле кылып коюу коркунучу. Мына ушул эки тоскоолдукту мугалим жеңип өтүүсү керек.

Ырды талдоодон мурда окуучулар менен аңгемелешүү чыгарманы кабыл алууда балдардын психологиясына бир топ ыңгайлуу таасир этет. Бул сукбатташуунун жүрүшүндө адегенде Улуу Ата мекендик согуш жөнүндө жалпыланган сөз жүрөт, анан уруш тууралуу окуучулардын жатка билген ырларын айттыруу ишке ашырылат. Бул ыкма жаңы өтүлө турган ыр менен окуучулар мурда билген чыгармаларды салыштырууга шарт түзөт. Мугалим окуучулардын жоопторун корутундулайт, кыска кириш сөз сүйлөйт.

Кыскача психологиялык даярдыктан соң сабакта ыр көрктүү окулат. Көрктүү окуу менен чыгарма али окуучуларга жетпейт. Болгону «Неге кечигеттин» идея-темасына алгачкы чалгын жасалат. Анан түшүндүрүп (комментарийлеп) окуу башталат. Адабият сабагынын негизги максаты балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү, алардын аң-сезимине азык берип, турмушту таанып билүүсүнө көмөктөшүү болсо, дал ушул текстти түшүндүрүп окууда, биринчиден, алардын мурдагы таанып-билүүлөрүнө, кыскача турмуштук тажрый-

баларына таянуу менен иш жүргүзүлсө, экинчиден, окуучулар текстти талдоо аркылуу жаңы маалыматтарга ээ болушат. «Неге кечигетти» талдоодо, жалпы эле V–XI класстарда чыгармаларды анализдөөдө негизги көңүл сабакта өтүлүп жаткан чыгарманын өзүнө, анын текстине бурулуу керек, а бир топ мугалимдер тексттен четтеп, автордун өмүрү, чыгармачылыгына, адабияттын тарыхына өтүп кетет. Мындайдын зарылдыгы жок, негизгиси кайра айтабыз – тексттин маанисин жеткирүү.

Түшүндүрүп окууда текстти бөлүп-бөлүп талдоо, улам ойду майдалап жеткирүү оң тажрыйбаларды берет. Адегенде алгачкы төрт сап окулат:

Эсимде... Бир жолу эмес, нечен ирет,
Бул айда тоо боорунан гүл терчү элек.
А быйыл... Күн жылыбайт, жер тегиз кар,
Шумдук ай, неге мынча жаз кечигет?

*Мугалим.* Салыштыргыла: эки жаз, алар кайсы жылдын жаздары?

*Окуучу.* Бир жаз – бул быйылкы 42-жылдын жазы. Калганы ал жазга чейинки көп жолу кайталанган жаздар.

*Мугалим.* Акын эки түрдүү жаздын айырмасын кандай саптар менен берүүдө?

*Окуучу.* Мурдагы жаздарды «бул айда тоо боорунан гүл терчү элек» деп айтат, демек ал кезде мындай убакта жаз келип, тоо боорундагы гүлдөр өсүп калчу. Ал эми быйылкы жаз «күн жылыбайт, жер тегиз кар».

*Мугалим.* Демек автор карама-каршылык аркылуу, салыштыруу аркылуу идеяны берип жатат. Акыркы сапта логикалык негизги ой камтылган ыр жолдорунда акын окурманга суроо коёт: «Шумдук ай, неге мынча жаз кечигет?»

Эми акын ошол суроонун (жаздын кечигишинин) жоопторун издеп кирет. Чын эле жаз неге кечигип атат? Кечигүүнүн автор көргөн, болжолдогон себептери булар экен.

*Биринчиси:*
Алда эмне? Алмаштырып сан кылымды,
Өзгөрбөй келе берип ар бир жылы,
Же биздин каршы келип бактыбызга,
Алсырап, жол жүрө албай чарчадыбы?

*Экинчиси:*
Анда эмне?.. Жашообуздун негизгиси,
Келатып бир кырсыкка кезиктиби?
*Үчүнчүсү:*
Болбосо, гүлдөрү аз деп,
Же бизге таарынуунун белгисиби?
*Төртүнчүсү:*
Болбосо, ак ирени сары болуп,
Байкоосуз катуу ооруга чалдыкканбы?

Кыскасы, сулуу жаз кечигүүдө. «Эл жүдөдү, жан-жаныбар арыктады». Дал ушул жерден, биринчиден, ырдын буга чейинки камтыган ойлорун ачуу үчүн, экинчиден, акындын стилиндеги поэтикалык өтмө маанини толугураак түшүнүү максатында, үчүнчүдөн, окуучулардын кызыгуусун, жандуулугун арттыруу ниетинде бир топ проблемалык суроолорду коюу керек.

1. Жазды «жол жүрө албай чарчадыңбы?» дейт, а жаз жол жүрөбү, чарчайбы?

2. Акын «үйү алдында гүлдөрү аз деп, же бизге таарынуунун белгисиби?» деген саптарын неге колдонуп атат?

3. Жаздын «ак ирениңин сары болушу, байкоосуз катуу ооруга чалдыгышы» кандайча?

4. Айткылачы, деги жаз деген эмне?

5. Жооп бергилечи: жаз неге кечигип атат?

Мындай суроолор талкуулангандан кийин, текстти окуу андан ары улантылат.

Көрсө, жаз чарчабаптыр, таарынбаптыр. Кечигүүнүн себеби башкада экен. «Жаз немецтин уулуу огунан жаралаҥыптыр». Мына ушул поэтикалык метафора акындын акын катары бийиктигин айгинелейт. Мугалим сабактын башталышында окуучулар айткан, эстешкен ырларга кайра кайрылса, алардын көбүндө согуш темасы башкача чечилет, ой жашырылбай-жабылбай түздөн-түз айтылат, а мында кыйыр маани алдыга чыгат, айрым окуучулар деги эле ырдын согуш темасына арналганын дале жеткире түшүнбөй калышы ыктымал. А. Осмоновдун согуш темасындагы бул ырынын негизги өзгөчөлүгү «согуш чыкты», «эл бүлүндү», «майданга аттангыла», «биз жеңебиз» деген салттуу чакырыктык мотивдер менен жыш ширетилбегени, алардын дээрлик жоктугу. Деги эле бул таланттуу акын негедир согуш темасына анча деле көп кайрылбаптыр (өзгөчө «атка жеңил, тайга

чак» лирикалык ырларда), аз кайрылса да темага өзүнчө, жаңыча, күтүлбөгөндөй табылгалар менен «тиш салган».

Окуучулар үчүн дагы пародокс, дагы күтүлбөгөн маани чыкты – кечиккен жаздын ошондой абалга түшүүсүнүн себеби, анын «немецтин уулуу огунан жараланышы» экен. Жазга ок тийиши, анан анын жараланышы мүмкүнбү? А эмне үчүн ок жөн гана ок эмес, уулуу ок? Өтмө маани – поэтикалык касиет менен акын темасын бийиктикке, мурда кыргыз акындары таптап өткөн жолдон качып өзүнчөлүккө алып чыгууда. Душмандар согушта адабияттагы көндүм кептерге салып айтканда жерди өрттөп, адамдарды өлтүрүп, шаар-кыштактарды талап-тоноп гана кетпестен мезгилде «атап коюптур», жазды «жарадар кылыптыр», жаз деген бардык мезгилдин башталышы, тирүүлүктүн башаты, демек жыл мезгилдерин, анын ичинде жазды ушундай абалга түшүрүү бардык жамандыктын жамандыгы, кара өзгөйлүктүн ашкан чеги. Акын согуш кесепетин ушундай философиялык, жалпы адамзаттык өңүттөн карайт.

Соңку куплет:

Күн нурлуу, кайгы билбейт, күлүп чыгат,
Бир күндө биздин колдон жаз айыгат.
Андан соң жарасы үчүн кек алмай бар,
Күнөөкөр анда кандай айла табат?

Мына ушул куплет акындын жеңишке болгон таза ишенимин көрсөтөт. Бул учурда «күн нурлуу», ал «кайгы билбейт», «күлүп чыгат». Бир кездеги жарасы үчүн жаз эми кек алат.

«Неге кечигет» – ыр-метафора, ыр-эскертүү, согушту жек көрүүгө чакырган ыр-символ. Текстти анализдөөдө ага үч аспектиден кароо керек:

1) эмоционалдуу аспекти, башкача айтканда, материалды окуучулардын жалпысынан кабыл алуу жагдайлары;

2) таанып-билүү аспекти – текстти илимий андап көрүү, өзүнчө бир божомолдор чыгарып түшүнүүсү (албетте, V класстын окуучусунун деңгээлине ылайык);

3) педагогикалык аспекти – көркөм тексттин тарбиялык маанисин окуучунун өзүнө сиңдирүүсү.

Мына ушул үч аспектиден келип чыгуучу көркөм чыгарманы үйрөнүүнүн төмөнкүдөй баскычтарын сабакта басып өтүү шарт:

Биринчиси, чыгарманы кабыл алуу;

Экинчиси, чыгарма алгачкы жолу кабыл алынгандан кийин анын айланасында ой жүгүртүү;

Үчүнчүсү, тексттен чыгып чыгарманын тегерегинде турмуштук факт-көрүнүштөр менен салыштырып, окшоштуруп, искусство чыгармасын, айлана-чөйрө менен, баланын өз дүйнөсү менен айкалыштырып, кеңири жалпылоого өтүү.

Мына ушул чен-өлчөмдөр менен кайрадан «Неге кечигетке» келсек айрым сөз айкаштарынын маанилерин чечмелөөнүн зарылдыгы келип чыгат. Алар: «сан кылым», «каршы келип бактыбызга», «үйү алдында гүлдөрү аз», «ак иреңи сары болуу», «катуу ооруга чалдыгуу», «уулуу ок», «күн нурлуу, кайгы билбейт, күлүп чыгат», «жаз айыгат», «кек алмай». Булар тексттеги негизги, таяныч сөз айкаштары. Алардын маани-мазмунун окуучулар мугалим менен бирдикте чечет. Сөздөргө лингвистикалык анализ жүргүзүшөт. Мында иштетилүүчү негизги методикалык ыкмалар:

• метафоралык айкаштардын маанисин чечмелөө;

• поэтикалык кайталоолордун («алда эмне?», «болбосо») колдонулуш себебин аңдоо;

• риторикалык суроолордун кызматын ачып көрсөтүү;

• символдук сөздөрдү («күн», «ок») чечмелөө;

• эпитеттерди табуу жана алардын маанисин ачуу;

• айрым сөздөрдүн ордуна алардын синонимдерин же антонимдерин коюп көрүү;

• ырдын башынан аягына чейинки интонациянын өзгөрүшүн талдап чыгуу ж. б.

Жогорудагыдай иштер негизинен ырды лингвистикалык, башкача айтканда, тилдик талдоонун гана көрүнүшү болсо, адабий-теориялык талдоодо төмөндөгүдөй багыттарга көңүл бурулат:

а) Ырдын темасын, идеясын ачуу. Мында «Неге кечигет» согуш темасына арналгандыгын, анда фашизмге карата жек көрүү, бейпилдикти көксөө ойлору айтылгандыгын окуучулар менен суроо-жооптордо, мугалимдин кыска аңгеме-баянында, текстти окуу процессинде көрсөтүп өтүү талап кылынат.

б) Ырдын уйкаштыгына анализ берүү. Ырас, бул ыр жөнүндөгү теориялык маалыматтар али өтүлө элек болгону менен программанын талабын карап тура бергенден майнап чыкпайт, ансыз А. Осмоновдун акындык касиетин, деги эле поэтикалык-жанрдык өзгөчөлүгүн билүү кыйын, ошон үчүн

жогорудагылардын баарын практикалык түрдө, көргөзмө куралга же доскага жазып алып аткаруу гана көздөгөн натыйжаны берет, ансыз куру сөз менен эле бир сыйра айтып өтүү эч максатсыз болот.

Ошентип, Алыкулдун «Неге кечигет» деген ырын окуп-үйрөнүү менен окуучулар көркөм чыгармадагы поэтикалык шарттуулукка, символдуулукка, уйкаштыктын чебер колдонулушуна, метафоралуулукка, керемет сөз күчүнө алгачкы жолу чалгын чалат.

Токтогул районундагы «Кызыл-Жазы» орто мектебинин мугалими Бекмурза Батыркуловдун көркөм текстти талдоо боюна бир сабакта колдонгон ыкмаларына, усулдарына байкоо салалы. Сабактын негизги алдыга койгон максаты А. Осмоновдун «Кыргыз тоолору» деген ырын талдоо жана ошол аркылуу окуучулардын эстетикалык табитин өстүрүп, экологиялык тарбия берүүгө багытталды. Бул чыгарма тоолор жөнүндөгү айтылып жүргөн көп ойлордун бири эмес. Ал ошол ырлардан бөлүнүп көрүнүп турат, мына ошол бөлүнгөндүгү менен сабактын жандуулугун арттырат, бирок ырды кадыресе күндө гезит бетине чыккан ырлардын биринин деңгээлине түшүрмөк да, Алыкул Осмоновдун чеберчилигин ачык көрсөтмөк да мугалимдин текстти талдоо ишмердиги менен байланышат. Белгилүү сынчы Ш. Үмөталиев айткандай «Алыкулдун пейзажы чынында эле көркөм. Ала-Тоону карасаңыз Алыкулду эске түшүрөсүз, көлгө көңүл бурсаңыз Алыкулдун кемесине сүзөсүз. Көлдү көлдөй терең, Ала-Тоону Ала-Тоодой бийик поэзия менен ырдайт».

Алыкул тоолордун касиетин башка акындардай жашыл түс, карагай-кайың, шылдырап аккан булак, эчки-теке, жан-жаныбарларынан эмес, ошонун баарына тиричилик берген «тоого тоолор уламалап улашып», «кара зоолор ар кай жерде каркайып, катмарлашып калың тартып заңкайып», «мөңгү кетпей чокулары жалтырап, араң гана бороон өтөт калтырап» деп кыргыз тоолорунун бүтүндөй кереметтүү тоо тектеринен турган геологиялык турпатынан, метереологиялык катаалдыгынан көрөт. Кыргыз тоолорунун бир гана учурун, бир гана көрүнүшүн эмес, канча доорлор, замандардан берки, ата-бабаларыбыздын тоолор менен сиңишкен өмүр-тиричилик турмушунун сан жеткис азап-тозокторун элестетип өтөт да, тоолор сындуу адамдар да уламалап улашып, тоолор менен бирге жа-

шай бере тургандыгын, өлбөстүгүн, тоолордун түбөлүк калкайып турган тулкусунан сезет. Тоолор жөнүндөгү акындын философиясы ушундай. Ал тоолорду майдалабай, панорамалуу, масштабдуу акындык дүрбүсү менен карайт. Сабакта талдангандай мугалим акындын тоолор турпатынан көргөн гуманисттик мамилеси ошентип биринчи үч строфа менен акыркы эки строфасы аркылуу берилгенин түшүндүрөт. Ал эми акын 4–5-строфаларда кыргыз тоолорундагы жаратылыштын кубулуштарын өзүнчө ой-толгоолорго, көркөм табылгылар менен нукура философиялык жагдайда, кичинелерге ой жүгүртүүнүн өзүнчө турпаты катары татынакай жаратылыш табылгасын киргизе салат:

Дүйнө жүзү көзүн ача электе,

Эң биринчи күндү тосуп кызарып, – сыяктуу ыр саптары аркылуу тоо-таштарга тиричилик берип, өзүнчө кооздук менен жан киргизет. Чындыгында кичинелер эмес биз да анча назар салбаган жаз мезгили да, кыш мезгили да тоодон башталып, «эч ким көзүн ача электе» күндүн нуру чачырап, ай жарыгын алгач алып, түндү баарынан кийин жамынып, түрдөнгөн тоо кооздугун жаңычылдык табылга, табийгый, предметтүү саптар аркылуу таң каларлык жөнөкөйлүк менен берет. Эстетикалык табит деп жүргөн куру кыйкырык турмуш чындыгы болуп, керемет сөздөргө таазим кылып баш ийип тоо башына карап ойлуу туруп калган болобуз. 10-12 мүнөткө созулган кириш сабак, таланттуу акын Алыкул Осмоновдун өмүр чыгармачылыгынын айрым учурлары, «Кыргыз тоолору» жөнүндөгү акындын көркөм чеберчилиги, жерибиздин, тоо-таштарыбыздын образдуу берилиши окуучулардын ойлоосуна, чыгармачылык ишкердүүлүгүнө кубат берип, көркөм чыгармага, турмуш сонундугуна кызыккан инсандарды калыптандырууга кызыктыра алат. Акындын 5 куплет ыры түпкү табиятынан маани жактан да, көрктүү окуунун тону, темпи, логикалык басым боюнча да өзгөчөлөнүп тургандыктан экиге бөлүп, эки башка ат коюп, эки башка окуучу аркылуу адабияттык окуу жүргүзүп талдоо педагогикалык процесстин жөнөкөй, кызыктуу жүрүшүн пайда кылгандыгын Б. Батыркуловдун сабагынан бир кыйла даанараак байкадык. Окуучулар «Кыргыз тоолорунун» алгачкы үч куплетине «Тоолор турпаты», акыркы эки куплетине «Тоолордогу кубулуш» деген ат берди. А. А. Липаев көркөм

чыгармалар менен окуучуларды алгачкы тааныштыруу – өзгөчө эсте кала тургандай, алардын оюн, сезимин жана чыгармачылык элестөөсүн ойготкудай болуу керектигин айтат. Белгилүү методист көрсөткөндөй табият ыры менен адегендеги таанышуу көрктүү окуудан башталат. Көрктүү окуунун бардык элементтерин өз ордунда колдоно билип окуу, балдардын көркөм сезимдерин козгоп, асылдыкты баалоо кызыкчылыгынын ойгонушуна алып келип жүрөт.

Андан ары кепти улантууга жапырт кол көтөрүп турган окуучуларды көргөндө калкайган тоолордун кереметтүү сырларын иргеп, тоо арасында кичинелерди ээрчитип саякатта жүргөндөй болобуз. Бул көркөм сөздүн, Алыкулдун канаттуу поэзиясынын күчү экендигин сезебиз. Биз бул жерде дагы бир кызыктуу каражат катарында сабакта иллюстрацияны иле салсак, көзүбүз менен көрүп, жашап турган касиеттүү, кереметтүү тоолорубузду кургак сөзгө, сүрөт көргөзмөсүнө айлантып, окуучулардын толкуп турган көңүлүн бөксөртүп алышыбыз ыктымал. Сөз өнөрүнүн маанисин түшүрүп коюшубуз да мүмкүн.

Биздин шартыбызда ар тарабы жайдыр-кыштыр кар кетпеген Кетмен-Төбө өрөөнү жайгашкан, ошондуктан, – дейт Б. Батыркулов, – ырды көрктүү окуу, акындын өзү тарабынан берилген көрсөтмөлүүлүгү аркылуу «тоого тоолор курамалап курашып» деп колду жаңсоо менен чыныгы тоолорго аралаша түшөбүз. Демек бул сабакта иллюстрация өз ролун ойной албай калышы мүмкүн.

Окуучу мугалимдин үлгүсү менен акындын үч строфасын салтанаттуу, үндү бийик, созулуңку чыгарып, жарым жана толук паузаларга кайрылып, жайыраак темп менен логикалык басым берип, акыркы эки сапын көркөм эмоция аркылуу, алыска-алыска көз жүгүртүп, кол жаңсоо мимикасын колдонуп окуду.

Тоого тоолор курамалап курашып,
Узун тартып уламалап улашып,
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып калың тартып заңкайып.
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап,
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.

Окуучунун назик үнү тоо-таштарыбыздын сүрдүү да, сүйкүмдүү да элесин, асман чапчыган бийиигин, көз жетпеген кырларын, ак кар, көк муздарын, эч жанга баш бербеген бороон-чапкынын кайрадан көз алдыдан өткөрүп жатты. Антсе да жарым паузаларды, логикалык басым түшүүчү сөздөрдү өз деңгээлине жеткире албагандыгы өз учурунда белгиленди.

«Тоолордогу кубулуш» деген экинчи бөлүмдү көңүлдүү, логикалык басымга айрыкча зээн коюп, ылдамыраак темп менен, паузалар берилип, таң калуу сыяктуу мимика менен окуу улантылды.

Жаз келерде эң биринчи жаз конуп,
Кыш болордо эң биринчи кыш тоңуп.
Ай-ааламга ай тие элек кезинде,
Эң биринчи ай жамынып ак болуп.

Түн болордо эң кийинки түндү алып,
Түз жерлерден кийин кетип мунарык.
Дүйнө жүзү көзүн ача электе,
Эң биринчи күндү тосуп кызарып.

Бул окуучунун өзүнө тиешелүү балалык үнү көрктүү окуунун элементтери менен коштолгондо жаркыраган жаз, ичиркенткен кыш, таң эртеңки шоолалар менен кечки иңир күүгүмдөрдүн башталышы менен аякталышы жөнүндөгү тоолордогу не бир укмуш кубулуштар: «жаз келерде эң биринчи жаз конуп», «кыш болордо эң биринчи кыш тоңуп», «түн болордо эң кийинки түндү алып», «эң биринчи ай жамынып ак болуп», «эң биринчи күндү тосуп кызарып» деген саптар аркылуу берилет.

«Кыргыз тоолору» деген ырдын текстин интерпретациялоодо Б. Батыркуловдун сабагында төмөнкүдөй нерселерге өзгөчө көңүл бурулду.

1) Кыргыз тоолоруна эмне үчүн таң биринчи атат, күн биринчи тиет, мунарык эң кийин кетет, жаз да, кыш да биринчи келет, мына ушул сырдын себеби эмнеде экендиги.

2) Акындын поэтикалык табылгалары. М. : «алмаз сындуу көккө тийген миздери арстандын азуусундай арса-

йып», «тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап», «кербенчинин төөлөрүндөй чубашып» деген сыяктуу салыштыруулардын эмоционалдык-экспрессивдик таасири.

3) Окуучулар тексттин даяр сөздөрүн, сөз курулмаларын пайдаланып өзүнүн айлана-чөйрөсү, б. а. Кетмен-Төбөнүн тоолору жөнүндө сүйлөп бериши.

4) Түшүнүксүз сөздөрдүн лексикалык маанилерин чечмелеши, башка сөз курулмаларын, синонимдерди табышы.

Мугалим текстти талдоодо, суроо-жооп аркылуу бышыктоодо жалпы эле айлана-чөйрө жөнүндө түшүнүктөрүн, география предметинен алган билимдерин тереңдетет.

1. Кандай тоо кыркаларын билесиңер?

2. Өзүңөр айлана-чөйрөңөрдө курчап турган тоо кыркаларын атагыла?

3. Тоолор эмнелерден түзүлгөн?

4. Тоолордун кандай пайдасы бар?

5. «Тоо», «зоо», «аска», «капчыгай», «дөңсөө», «адыр», «жайлоо» деген сөздөрдүн лексикалык маанисин тапкыла, жакындыгын – алыстыгын белгилегиле?

6. Дайыма кар кетпеген кандай тоолор бар?

Сабакта жогорудагыдай суроолор коюлду. Албетте, V класстын окуучулары айланасындагы адырларды, чокуларды, өрөөндөрдү, сууларды гана атай алышары белгилүү. Акын ырдаган тоолор, бул көрүнгөн адамдар, чокулар гана эмес, Теңир-Тоо, Памир, Алай, Суусамыр, Кордильер, Гималай, Карпат ж. б. түгөнбөгөн тоо кыркалары бар экендиги жөнүндө кабар берилет. Тоолор түрдүү тектерден турат. Тоолор – суу башаты, суу – өмүр азыгы. Күркүрөгөн ГЭСке бай Нарын тоодон башталат. Тоолор – кен байлыктын казынасы. Тоолор – малдын кени, жаратылыштын башаты. «Бул жакты карайм – тоо турат, ал жакты карайм – тоо турат» деген кыргыздар бизбиз. Башынан кары кетпеген, кол сунсаң жетчүдөй болгон тээтигил тоолор ошол Ала-Тоо. Азыр – кыш. Акын айткандай кыш биринчи тоолордон башталганын көрүп турабыз. Бул – чындык. Акын дал ошол чындыктын сүрөтүн тарткан.

Окуучулардын жоопторуна ушундай ойлор айтылды. Алар тоо дүйнөсүнө саякат жасады.

Бир топ мугалимдер «Кыргыз тоолору» деген ырды класс бөлмөсүндө эмес тоолордун арасында өткөрүүнү практика-

лап жүрөт, мисалы, ушундай сабак өткөн Сузак районундагы Тоголок Молдо орто мектебинин мугалими Т. Акунжанов жөнүндө кеңири кеп кылганбыз, мындай ыкма тексттин идеялык-көркөмдүк маанисин дагы тереңирээк түшүнүүгө, акындын образдуу ой толгоосун турмуш чындыгы менен көз алдыңа салыштырып көрүүгө мүмкүндүк түзөт.

## V КЛАССТА ПРОЗАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

### (Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемесин жана «Бугу-Эне» уламышын окутуунун мисалында)

Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемени көрктүү окууда адегенде жай, кадыресе токтоолук менен баштап, Авалбектин кино келгендеги кубанычын ачып берүүдө интонацияны жогорулатып, баланын эч нерседен капары жок романтикалуу дүйнөсүн, анын өмүрүндөгү сейрек болуучу «өпкөсү жарылып кете жаздоочу» абалын – кинонун келишине карата кубанычын өтө көтөрүңкү үн менен окуучуларга жеткирүү зарыл. Андан ары көркөм окуучу-мугалим Авалбек менен Жээнгүлдүн кинодогу каарман жөнүндөгү диалогун берүүдө кылдат болушу керек, мында эки каармандын эки башка кыжаалатчылыгын өз орду-ордуна коюу, апасынын «Тиги кинодогу сенин атаң» деп айтып жиберишине мажбур болгон абалын сездирүү керек. Текстте кийин автордук ретроспекция улантылат да, андан Авалбектин өз атасы жөнүндө сыймыктануусун («Мен Токтосундун баласымын») өзгөчө сыймыктануунун, даңктануунун тону менен угузуу зарыл. Бул Авалбектин атасы жөнүндөгү чабандар менен диалогу, аңгеменин мурдагы окуяларынан башкараак кырдаалда окулат. Эми көркөм окуучунун талантын сынай турган жер – кинонун бир бөлүгү бүткөндөн кийинки Авалбектин кино каарманы – атасын тууралашы, анын атасы экендигин олтургандарга далилдеп бериши, балдардын аны келекеге алышы, жашап калган адамдардын ооздоруна кеп келбей, тымызын бирөөлөргө наалат айтып, ичтен күйүшү баяндалып берилет. Албетте, мында мугалим ар бир сүйлөмгө, тыныш белгиге дыкаттык менен карап чыгышы керек. Башкысы – баланын көрүп турган чындыкты далилдөөгө кылган аракетин ачып берүү. Андан кийин Жээнгүлдүн ички

дүйнөсүндөгү уйгу-туйгу сезимин ачып берген «Жүр балам, жүрөгой. Ошол сенин атаң», – деген сүйлөмдү окуу менен жесир аялдын бул сүйлөмгө катылган баласына болгон энелик мээримин, күйөөсүнө болгон ызаат-сыйын, урматтоосун, андан калган туякка карата мээримин окуучуларга туюнтуу чоң милдет. Аягында пейзаждык сүрөттөөнү окуу менен балдарды окуянын «туткунунан» алып чыгып, жаратылыштын, өлбөстүктүн, түбөлүктүүлүктүн дүйнөсүнө баштап киребиз да: «Ушуга чейин ал ата жолуна түшкөнүн билелек эле, атадан калган жалгыз туяк экенин биле элек эле... » деген сүйлөмдү окуу аркылуу бүткүл аңгеменин жыйынтыктоо идеясын берип, баяндын чекитин коюп, тыным алабыз.

Чыгармадагы эң башкы нерсе – бул Авалбектин трагедиясы. Мугалимдин туу максаты дал ошол трагедияны, баланын трагедиясын окуучуларга жеткирип берүү. Ошол трагедия менен аңгеме аңгеме болуп турат. Бул трагедия окуучуларда баланы, анын энесин аёо сезимин пайда кылат. Мугалимден көз албай олтурган балдарда ушунун баарына айыптуу болгон фашизмге карата жек көрүү жогорку чекитине биротоло жетет. «Атадан калган туяктын» эстетикалык чокусу ушунда жатат. Авалбектин мүнөзүнүн калыптанышында бир жол бар, ал жол мурдатан баланын акыл-оюнда үрөн болуп себилген да, ал өнүп, өсүп олтуруп, акыры келип өз бийиктигинде ушул трагедияга алып келет. Баланын трагедиясы – согуштун трагедиясы, аны ошол калыбында түшүнүү керек. Окуучулар эң эле өздөрүнө жакын адам – Авалбек аркылуу согуштун тагы өмүр бою кетпесин, ал өзү бүткөндөн кийин да, аны такыр көрбөгөн баланын жүрөгүндө түнөп кала берерин терең түшүнүшү шарт.

«Атадан калган туяктагы» экинчи дагы бир нерсе – балалык, баланын дүйнөсү. Аңгемени ушул өңүттөн караганда гана бир кыйла жакшы түшүнөбүз. Ч. Айтматовдун чыгармасындагы башка балдардай эле Авалбек да өзүнүн эселектиги, дүйнөсүнүн тазалыгы, али жамандык жөнүндө ойдун акыл-сезимине уюй электиги менен айырмаланат. Чыгарманын күчү дал ошол киноэпизодуна чоң кишинин эмес, баланын көз карашы менен көз салгандыгында. Эгерде ал чоң адам болгондо кинонун дүйнөсүнө анчалык берилип кетпес беле, Авалбек атанын туягы экенин билбей, өз атасын кинодон көрүп, «жүрөктөрдүн баарын титиретти», адамдардын

баарын жашытты, «артист» деп далилдегендердин да эч кимисине ишенбеди. Жазуучу: «Биз балалыктын дүйнөсүнө астейдил кунт коюп карай турган болсок, мүмкүн, өлбөстүк, түбөлүктүүлүк сыяктуу керемет сезимди баштан кечирер элек», – деп айтат. Авалбек дал ошол сындуу өмүрүндө таанбаган атасын кинодон көрдү. Аны андан башка эч ким байкай албайт эле, ал баарына ишенди, атасын сыймык менен туурап берди. Демек анда чыныгы өзүнүн атасы пайда болду, ошол кезге чейинки ичиндеги бугун, сагынычын бир төгүп алды.

Чыгарманын темасын, идеясын окуучуларга ачып берүүдө көңүл буруучу дагы бир психологиялык тоскоолдук автордун кинону сүрөттөөсү менен андан тышкары окуяны сүрөттөөсүндөгү айырманы ачууда турат. Муну чаташтырып жибербөө үчүн мугалим кинонун мазмунун өзүнчө (согуш эпизодун), кинодон тышкары алда канча кийинки окуяны өзүнчө бөлүп кароо же окуучулардын экөөнө бөлүп-бөлүп айттыруу керек. Кайра эки окуяны жуурулуштуруу зарыл, анткени бул эки нерсе бири-бирин толуктап, бирине-бири аралашып олтурат. Мына ушул багытта мугалим кеңири ой жүгүртүү менен тексттин айланасында чыгарманын башкы темасын (согуш темасы, балалык темасы) жана башкы идеясын – согуштун наристе балага алып келген кайгысын, анын балалык дүйнөсүнүн калыптанышына таасир эткен күчүн далилдөө белгиленет. Эң башкысы окуучулардын сезиминин терең жерине Жер жүзүндө түбөлүк тынчтык үчүн күрөшүү үрөнү себилиши керек. Автордун койгон негизги проблемасы ушул – тынчтыктын зарылдыгы.

Биздин практикада байкалган типтүү кемчилдигибиз бар. Муну адабиятты окутуу боюнча советтик методист-окумуштуулар да, жогорку окуу жайларына кабыл алуу комиссияларынын мүчөлөрү да белгилеп жүрүшөт. Орто мектепти бүтүрүп чыккан окуучуларыбыздын көпчүлүгү көркөм чыгармаларга адабий-териялык багытта талдоо жүргүзө алышпайт. Бул же тигил чыгарманын мазмунун шарылдатып сүйлөп берген менен ошол эле чыгарманын жанрын, поэтикасын өз деңгээлине ылайык талдап бере алышпайт. Ошондуктан чыгармага териялык анализ берүүгө, адабий терминдер менен иштөөгө кылдат даярданып, бул ишти жүргүзүүнү өтө эрте башташыбыз керек жана муну үзгүлтүксүз кайталап,

бышыктап турушубуз зарыл. Маселен, «Атадан калган туяк» өтүлгөнгө чейин эле окуучулар көркөм адабияттагы проза менен поэзиянын сырткы айырмасын, портрет, пейзаж, диалог, монолог, автордун сөзү, каармандын сөзү, салыштыруу, эпитет жана башка нерселерди билип алышат. Ошондуктан текст менен иштөөдө мына ушул адабий түшүнүктөргө кайра токтолуп, окуучулардын өзүнө тексттен мисал издетүү керек. Ошондо алар Авалбектин, анын кинодогу атасынын портретин табышат, чыгарманын акырындагы пейзажды, Авалбек менен апасынын, Авалбек менен чабандардын диалогун, баланын ички монологун жана башка берилген тапшырмаларды издеп аракеттенишет. Негизгиси ушулардын чыгармада кандай ролго ээ болуп турганын ачык көрүшөт. Чебер жазуучу тарабынан тартылган портрет каармандын ким экендигин айтып берет.

Аңгемени талдоо үчүн мисалдар табуу ишин окуучуларга үй тапшырмасы катарында берүүгө болот. Мында алар текст менен дагы тереңирээк таанышат, адабий терминдер менен иштөө дептерин толтурушат. Окуучунун түшүнүгү артат. Эстетикалык табитинин калыптанышына салым кошулат, ой жүгүртүүсү жогорулайт, жазуу речи өсөт ж. б.

Мисалы, пейзаждык сүрөттөө менен иштөөнү алып көрөлү: «Ай өйдөлөп калган экен. Төбөдө да, капталда да бейкут жылдыздар бейкут бет багып, бүт дүйнөдөн эч бир кабары жоктой – алыста. Бозомук түндүн аралыгында тээ бийикте тунарыңкы агарган зор тоолор да суз. Бери четте совхоздун оттору үлпүлдөгөн, андан ары өлчөмсүз чоң талаа туңгуюктанып, караңгы көл сыяктуу көшүлүп жатыптыр». Мына ушул пейзаж менен автор эмнелерди символдоштуруп жатат? Биринчиден, «агарган зор тоолордун суз жатышы» эмелеки окуядан улам эне-баланын кайгысы, ички бугу, «өлчөмсүз талаанын туңгуюктанып, караңгы көл сыяктуу көшүлүп жатышы баланын алдындагы али белгисиз күндөрдү, тагдырды, «бейкут жылдыздардын бейкут бет багып, бүт дүйнөдөн эч бир кабары жоктой алыста турушу» бул – эне-баладан башка дүйнөнүн, ага кошулуп, эне-баланын өз арабасында кетип жатышы, дүйнөнүн, табияттын түбөлүктүүлүгү. Эчен жыл өтөт. Бул туяк да картаят, окуя да эстен чыгат. Бирок дүйнө, жылдыздар кала берет деген идеялар катылат. Экинчиден, сүрөткердин пейзажы тим гана

өлүк буюм катары турбаганын, анын чыгармада зор ролу бар экенин окуучуларга түшүндүрүү талап кылынат.

Чыгарманы толук өздөштүрүүдө аңгеменин негизинде тартылган А. Мисюревдин «Кино келди», «Баланын атасы жөнүндөгү экран жанындагы аңгемеси» деген сүрөттөрүн көрсөтүп, аны анализдөөнүн да чоң мааниси бар. Ыгы келсе, аңгеме боюнча Кыргыз Мамлекеттик Академиялык драма театрында инсценировкаланган «Солдаттын уулу» (сценарийи – Б. Карагуловдуку, режиссёру жана алып баруучу – Т. Уралиев, башкы ролдо – И. Райымкулова) деген чыгарманы угуп көрүп, талдоо жүргүзүүгө мүмкүн. Эгер окуучулар көргөн болсо аңгеменин негизинде тартылган («Кыргызтелефильм» студиясы, сценарийи – Э. Борбиевдики, режиссеру – Э. Уразбаев, башкы ролдордо Ш. Сагынбаев, Т. Турсунбаева, К. Жусубалиев) кыска метраждуу телефильмди да пайдаланууга болот.

Аңгемеге кошумча дагы сөзсүз түрдө мугалим тарабынан Ч. Айтматовдун «Манас-Атанын ак кар, көк музу» очерки, Т. Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы» деген аңгемеси балдарга класстан тышкаркы окууга сунуш кылынат. Тапшырманы суроо мезгилинде бул эки чыгарма «Атадан калган туякка» байланышта каралат, салыштырылат. Чыгарма максаттагыдай өздөштүрүлүп бүткөндөн кийин, окуучулардын алган билимин байкоо максатында текст боюнча жөнөкөй жана татаал план түздүрүүгө, дил баян жаздырууга, чыгарманын негизинде сүрөт тарттырууга, ар кыл тапшырмаларды берүүгө болот.

Жалпы билим берүүчү мектептерде **Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинен «Бугу-Эне» тууралуу уламыш** үзүндү катары берилип жүрөт. Чынында бул орто класстарда өзүнчө текст, бүткөн чыгарма катары гана кабылданат, мугалим окуучуларга ошондой үйрөтөт, программа да ошону талап кылат.

Бул чыгарманын тексттин интерпретациялоодогу өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр: «Бугу-Эне» түпкүлүгүндө бул бугу уруусунун келип чыгышы жөнүндөгү санжыра-уламыш менен байланышат (уламышты Ч. Валиханов, С. М. Абрамзон, Б. Солтоноев, Ы. Абдрахманов ж. б. фольклор жыйноочулар да жазып алган), Ч. Айтматов ошол элдик материалды заманбап кылып иштеп чыккан; уламыш таланттуу жазуучунун «Ак кеме» повестинин идеялык-көркөмдүк системасына сиңдирилген; азыркы учурду сүрөттөгөн чыгарма менен жуурулушуп турат; «Бугу-Эне» атайын балдар үчүн ылайыкта-

лып жазылган эмес, андагы автордук концепция жетилген, адабиятты жана турмушту тереңирээк түшүнгөн окурмандарга ылайыкталган. Демек, мугалим жогорудагыдай айрым маселелерди аттап өтпөөгө тийиш. Бирок «Ак кемедеги» жалпы проблемалар менен түйүндөштүрүп-тогоштуруу бул 5-класс үчүн кыйын, ошондуктан өзүнчө турган, баш-аягы бүткөн адабий жомок катары гана караган оң.

«Бугу-Эне» жомогу тууралуу сабактардын эң башкы педагогикалык-дидактикалык натыйжасы – уламышта көтөрүлгөн ыймандык маселелерди сыгып алуу, ошону балдарга жеткирүү. Ар кандай жомокту, мифти, легенданы, уламыштарды окуп үйрөнүүнүн максаты: биринчиден, ошондо сүрөттөлгөн окуя-каармандар менен азыркы адамдарды салыштырууга мүмкүнчүлүк алынат; экинчиден, ошонун эле тескериси – илгеркилер менен тең-тайлаштырып көрүүгө, азыркы кишилерден жоголгон изги сапаттарды илгеркилерден издеп табууга шарт түзүлөт. Демек, ушул ниет-тилектерди ишке ашыруу керек.

Талдоого ыңгайлуу болсун үчүн текстти бир нече бөлүктөргө шарттуу түрдө бөлүп карайбыз.

Тексттин биринчи бөлүгү. Адегенде «Бугу-Энедеги» окуянын мезгили, орду аныкталат. Сабак көбүнчө суроо-жooптон турат.

Окуя качан өтөт? Тексттен жооп: «Бул жомок эзелки окуя». Атам заманда өтөт.

Окуя кайда өтөт? Тексттен жооп: Сибирь деген жерде, Эне-Сай деген өзөндүн боюнда өтөт.

- Ал аймак бизден канча алыстыкта жайгашкан?

- «Атчан адам аерге үч жыл, үч ай жол жүрүп араң жетет».

Демек, алыс жол. Бул алыстык окуучулардын эсинде болууга тийиш, анткени анын сыры кийин ачылмакчы.

- Ошол мезгилдин жаратылышы, табияты кандайча сүрөттөлөт?

- «Жер бетинде чөптөн токой көп, кургак жерден суу көп болуп турган кез».

- Эсиңерге түйгүлө: «Эмне үчүн ошол токойлор азайды? (бул суроону талкуулоо керек).

- Айткылачы, эмне үчүн «улуу уруу кыргыз журту» деп айтылат?

- Себеби, кыргыздар көп болгон, алар баарын жеңип, эч кимге жеңилбей жашаган.

Окуучуларга тапшырма: Текст боюнча доордун белгилерин табуу:

- «ар уруу эл жашап турат»
- «бирин-бири чаап алган, бири-бирин талап алган»
- «кези келгенде аттанып казат жүрүп»
- «касташкан уруунун үйүн өрттөп, күлүн көккө сапырып, элин кырып, жылкысына тийип, малын айдап кетчү»
- «эр өлтүрүү эрдик саналып, кишини киши аябай, адамды адам тукум курут кылмай»
- «адам каны суудай агып, көк кашка суу жошолонуп, ак-сары гүл манаттанып, бөрүдөй тытышкан»
- «эгин эгип, түшүм жыйнар, мал багып, мергенчиликтен олжо таап келер эр бүлө калбай»
- «эл тукуму сооло берет»
- «буту менен басып, мурду менен тынгандын баары тынч эмгекти таштап салып, жоокерчилик, талоончулук менен күн көрүп калыптыр»
- «өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар»
- «өчөгүшкөн тили буруу, кырк уруу бирин бири мойсоп бүтмөйүнчө тынчый албай калган»
- «адамдардын акыл эси канга уугуп турган»
- «каштaшканды жараштырар жан чыкпай»
- «душманын капылеттен чаап алган, бөтөн урууну тукум курут кырып, мал-мүлкүн талап алгандар гана кеменгер атыккан».

Тексттен замандын, доордун жалпы белгилерин көрсөткөн учурлар табылды. Эми таяныч, өтө маанилүү делген фразеологиялык сөз айкаштары, түрмөктөр мугалим тарабынан чечмеленүүгө тийиш, ансыз текст толук түшүнүктүү болбой калат. Алар: чаап алуу; талап алуу; казат жүрүү; күлүн көккө сапыруу; элин кыруу; жылкысына тийүү; малын айдап кетүү; эр өлтүрүү; тукум курут кылуу; адам каны суудай агуу; суу жошолонуу; гүл манаттануу; бөрүдөй тытышуу; эл тукуму соло берүү; өчөгүшүү; тили буруу; мойсоп бүтүү; канга уугу.

Төмөнкү макалды чечмелөө: «өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар».

Жогорудагылардын маанисин туура түшүндүрүү үчүн мугалим К. К. Юдахиндин сөздүктөрүн, К. Карасаевдин «На-

кыл сөздөр» аттуу эмгегин, кыргыз тилинин түшүндүрмө жана фразеологиялык сөздүктөрүн пайдаланганы бир кыйла максатка ылайыктуу болот, ошондой эле айрым проблемалык суроолорду коюп (М. : «Адамзаттын тарыхы – согуштардын тарыхы» дейбиз, а эмне үчүн адамдар согушат? Башка элдин малын талап, журтун чаап, кызын күң, жигитин кул кылып аткан адамдарды эмне үчүн баатыр дейбиз, баатырлыкты сен кандай түшүнөсүң? Азыр ошол жоокерчилик заман болуп калганда сен эмне кылар элең? ж. б.) чечмелөө керек.

Салыштыруу үчүн окуучуларга суроо:

Биздин ата-бабаларыбыз башынан өткөргөн соңку согушта (1941–1945-жылдар) колдонулган негизги куралдар кайсыар болгон жана согуш кандайча жүргөн, ал эми «Бугу-Эне-де» көрсөтүлгөн замандагы согуш куралдары кайсыар жана алар кандайча согушкан?

Жогорудагы маселелерди талкуулоо менен мугалим өз аңгемесинде, суроо-жооп сукбаттарда, окуучулардын сөздөрүндө, тексттен алынган мисалдарда «Бугу-Эне» жомогунун кириш бөлүмүн – өткөн заманды, ошол замандын жалпы өзгөчөлүгүн түшүнүшөт, бул бөлүмдөгү эң сонун фразеологиялык түрмөктөрдү мугалим да, окуучу да колдоно алууга, речтеринде пайдалана билүүгө жетишүүсү керек.

Тексттин экинчи бөлүгү. Бул бөлүк күтүлбөгөн окуянын кабары. Жогорудагыдай заманда, кыйын кезең күндөрдө чер токойдо бир куш пайда болот.

Куштун белгилери: сыйкырдуу куш, адамча сүйлөйт, бирде ыйлайт, бирде ырдайт.

Куштун сөзү: «Алаамат болор!» «Алаамат болор!»

Окуучулар үчүн бул куш табышмактуу куш, ал мифологиялык белгини алып жүрөт (сүйлөйт, ырдайт, жамандыктын кабарын берет). Демек жазуучу мында жомоктук ыкманы колдонот, текстте бурулуш окуянын кабары келет.

Таяныч сөздөр: алаамат болуу, кара түн түшүү.

Тексттин үчүнчү бөлүгү.

- Ошол күн кандай күн эле?
- Кыргыз уруусу аза күтүп Күлчө баатырдын сөөгүн жерге бергени жаткан.

Күлчөнүн эпитеттери: «эл атасы», «журт эгеси», «сан колдун башчысы», «баатыр», «карт баатыр».

Күлчө баатырдын иш-аракети: кол баштап нечен казат жүргөн, нечен айыгышкан чабыштан жеңиш менен чыккан.

Күлчө баатырдын азасы: «кыздар кызыл кийинип, катындар кара кийинип», «ак асаба найзалар кара түпөк байлашты».

Күлчө баатырды көмүү ырасымы: «сөөгүн жабыла көтөрүп», «Эне-Сайды бойлотуп өткөрмөк», «чымын жаны көккө учуп кетер алдында эне болгон өзөн менен коштошуп алсын, ата болгон мекен менен коштошуп алсын» дешти, «көрү бийик дөбөнүн чокусуна коюлмак», «үстүнө чулу корум таштан Таш-Баба орнотулмак», «кыз-келиндер чурулдап кошок кошуп, уландар жер дүңгүрөтө өкүрүп коштошмок».

Күлчө баатырдын эпикалык образы: Аны көмүүгө алып жөнөгөндө «кадимки жоого кирген салтындай кернейлер озоңдоп, добулбастар дүңкүлдөп, жер жарылар үн чыкмак. Тайга-токой чайпалып, канаттуунун баарысы күндүн бетин көрсөтпөй үркүп учмак, жолборстору күркүрөп, камандары коркулдап, туңгуюк черге жите качмак, тоо жаңырып, жер көчмөк, өзөн толкуп, алай-дүлөй бороон сокмок».

Мындагы окуучуларга жеткирүүчү негизги нерселер – Күлчө баатырдын зоболосунун бийиктиги, анын өлүмү улуу кыргыз журтун баш коштурушу, байыркы кыргыздардын өлүк көмүү салты.

**Тексттин ушул бөлүмүн ачып берүүдөгү методикалык кээ бир ыкмалар:**

1. Улуттук каада-салтка байланыштырып айрым түшүнүктөрдүн маанисин чечмелөө. М. : кыздардын кызыл кийиниши, катындардын кара кийиниши (кара, кызыл кийимдердин символдук маанилери); сөөктү бийикке коюу; Таш-Баба орнотуу; кыркаар тартып үй тигүү; ак асаба найзаларга кара түпөк байлап түндүктөн чыгарып коюу; сөөктү алып өтүп бараткада асаба-тууну баатырга баш ийдирүү; кыз-келиндер кошок кошуу, уландар өкүрүү; дөбөнүн чокусуна жеткенге чейин ар бир үйдүн оропарасында баатыр менен коштошмок; түпөктүү найзалардын сөөк чыгар ооздо эки бет катар тизилиши; баатырдын жоо жарактарынын алып чыгылышы; баатырдын аргымагынын белен турушу; аргымакка кара жабуунун жабылышы; сөөктү алып чыкканда жоого кирген салтындай кернейлердин озондоп, добулбастардын дүңкүлдөшү; кошокчулардын чачтарын жазышы; чоролордун табытка

ийин тосуп, сыңар тизелей укуюп отурушу; кара ашына чалынар төрт түлүк малдын тогуздап байланып турушу.

Жогорудагы салттык көрүнүштөрдүн чоо-жайын, тарыхын чечмелөө мугалим үчүн да оңойго турбайт, ошондуктан ал археология, тарых багытындагы илимий эмгектер менен (С. М. Абрамзон, Ю. Н. Худяков ж. б.) тааныш болгону оң.

2. Окуучуларды Күлчө баатырдын доорундагы сөөк көмүү ырысымы менен азыркы салтты салыштырып оозеки сүйлөтүү керек.

3. Төмөнкүдөй суроолорду талкуулоого болот:

а) Күлчө баатырдын өлүмү эмне үчүн айыл-айыл болуп олтурган урук-урук кыргыз журтун бириктирди?

б) Эл эмне үчүн Күлчө баатырдын сөөгүн урмат менен көмүүгө топтолду?

в) Күлчө баатырдын ордун ким басат деп ойлойсуңар?

г) Кыргыз тарыхында, оозеки чыгармачылыгында Күлчө баатырга окшогон кимдерди билесиңер? ж. б.

4. Фразеологиялык сөздөрдүн маанисин, колдонулуш максатын ачуу.

5. Таланттуу окуучулар үчүн тапшырма: а) Күлчө баатырды жоктоп кошок жазуу; б) Күлчө баатырдын керээзин жазуу; в) Ушул эпизоддун негизинде сүрөт тартуу.

Тексттин үчүнчү бөлүмүндө али боло элек, жакында ишке ашмакчы окуя сүрөттөлөт. Ал али болобу, болбойбу, табышмак, экинчи бөлүмүндө сыйкырдуу куш алааматтын кабарын айтып өткөн.

Тексттин төртүнчү бөлүгү. Бул бөлүмдө жогорудагы салт, элдин ыйык ырасымы бузулат. Күлчө баатырды кыргыз журту сөөк каадасы менен коё албай калат. Эне-сайлык кырк уруу эл канча жоолашып, канча чабышса да, алардын жалпыга тиешелүү, баары үчүн маанилүү, бузулгус, айныгыс нарк-насили, мыйзамы бар. Ал – эл атасы каза таап, журттун башына аза түшкөн күндөрдө ошол элге кол салчу эмес, душман катары жаман ниет менен мындайда бастырып киришчү эмес. Бул жолу ошол салт бузулат.

Салт бузуу деген эмне?

Салт бузуу – бул адамдыктын наркын тебелеп чыгуунун эң бир жеткен чеги, наадандыктын ашынган түрү. Ошентип, нарксыз жоо кыргыздардын айылын түндөп курчап тегеректеги токойдо бугуп жаткан.

Бөлүп көрсөтүүчү нерселер:

1) Кыргыздардын абалы: «эл мүңкүрөп турган, азалуу эле, жарак алып каршы чыгууга, атка минип, айкырып чыгууга эч ким үлгүрбөдү», «Өмгөктөгөн карыдан эмгектеген балага чейин кылычтын мизине, найзанын учуна, жебенин тилине кабылды».

2) Душмандардын максаты: кыргызды тукум курут кылуу; күлүн көккө сапыруу; кыргыздын жоктоп аларын, боздоп ыйлап каларын, кун кууп издеп келерин калтырбоо; кыргыз деген атты өчүрүп, кылымдын эсинде калбагандай тыптыйпыл кылуу; жерди ээлөө; токойду ээлөө, дүнүйө олжолоо.

Демек мында эки карама-каршылык бар. Биринчиси – кыргыздар жана алардын душмандары; экинчиси – адилеттик жана кара өзгөйлүк. Мындан кыргыздар кайсы тарапта экендиги көрүнөт. Дүйнөдө адилеттик менен кара ниеттиктин кармашы көп болгон. Көп жолу кара өзгөйлүк, арам ойлуулук жеңип чыккан, ал адамдыктын үстүнөн салтанат курган. Бул жолу да ошондой болду.

Мына эми кыргыздын көргөн күнү:

«Жээк бербей киши өлүгү үстү-үстүнө каршы-терши сулады», «Эне-Сай кыргызынын каны кызыл-жаян болуп акты», «үйлөр чатырап өрткө кетти», «кең өзөндүн жээгинде бырыксыган күл калды, каңырсыган жыт калды», «боздогон үн калды».

**Окуучулар менен тексттин айланасында иштелүүчү иштер:**

1) Эки элди салыштыруу: а) максат-тилектери; б) согушка даярдыгы; в) ошол күнкү абалы; г) согуш куралдары, согушуу ыкмалары; д) согуштун натыйжасы; е) эки элге карата автор колдонгон эпитеттер.

2) Накыл сөздөрдүн маанисин чечмелөө: «кыр көрсөтүп, тизгин бербеген кыргыздар»; «адамды туумак кыйын, багып өстүрмөк кыйын, а өлтүрмөк көз ачып-жумганча»; «көк менен жер бирикти».

Демек бул бөлүктөгү автордун көрсөткөн негизги нерсеси – азалуу элдин эч кимисинин калбай чабылышы, кектүү душмандын максатына жетип, бир уруу журтту дүйнөдөн тыптыйпыл кылышы, алардын жерин ээлеп, сан түмөн малын,

байлыктарын олжолоп кетүү. Мындай окуя-фактылар – бир элдин бүтүндөй аты өчүп, орду-түбү менен жоголуп кетиши көп эле болгон. Кыргыз да бул жолу ошондой тагдырга кептелди. Ошол бойдон бу жарык дүйнөдө кыргыз түгөнмөк, кыргыз деген сөз жок болмок. Биз да болмок эмеспиз. А түгүл ушул жомокту жазган Чыңгыз Айтматов да болмок эмес.

Бирок...

Тексттин бешинчи бөлүгү. Бирок. Душман баарын талкалай албаптыр, баарын жок кыла албаптыр. Экөө калыптыр. Уул жана кыз. Алар токойдон чыгып, айылына келгендеги ал жердин көрүнүшү: өлүү журт; кара жер канга эзилген; бырыксыган күл, үч буту көктү караган тулга.

Мына жазуучунун чеберчилиги, кыргыздын салтын билгендиги дагы бир жолу көрүндү. Өлүү журт! Бул эмне сөз? Биздин элде, журтта сөзсүз эл болгон, үй болгон, ит болгон, ат болгон, ал эми эч нерсе болбосо, бир да мал, адам, буюм калбаса, ал – өлүү журт. Ар адамдын, ар үй-бүлөнүн өз журту болгон, салт боюнча атанын журтун жоктотпой баласы боз үйүн тиккен, демек, ушул салт үзүлдү. «Кара жердин канга эзилиши» не деген укмуш сөз. Эң ыйык нерсе бардык кылымда, бардык учурда жана бардык элде – жер. Ошол ыйык жердин үстүн кан эзип, кан менен жер жуурулушуп, адам каны жерди эзди, топурак канга чыланып, жуурулуп, не бир кыямат болду. Өлүү журтта бырыксыган күл, үч буту көктү караган тулга гана калган. Кыргыздын салтында эч убакта коломтодон от өчкөн эмес, дайыма от күйүп турган, же күлгө көмүлгөн чок болгон, эч убакта тулга оодарылбаган, бу жолу ошол салт бузулуп турат. Демек булардын баары жамандыктын белгиси, согуштун акыбети.

Эки баланын астында эки жол, карама-каршы тагдыр турат: биринчиси – өлүү журт, кандуу, сүрдүү жер жана андагы эки кыргыздын алсыз үнү; экинчиси – чаң уюлгутуп, мал айдаган, жер дүңгүрөтүп алыс бараткан жоо.

Балдар өлүү журтта калбай жоонун артынан түшөт. Эмне үчүн?

Тексттин алтынчы бөлүгү. Окуучуларга суроо: Таланган, чабылган кыргыздар кандай абалда калган эле? (жооп берилет). Эми аларды талаган душман элдин абалы: «... көк жайыкта улуу той болуп жатат. Тигилген үйлөргө сан жеткис, кайнаган казанга сан жеткис, жайылган элге сан жеткис.

Кыздар селкинчек тээп, ыр ырдап, жигиттер күч сынашып алышып, эл шатыра-шатман үн салып, кечээги кыргызды кырган жоо минтип жеңишин майрамдап жаткан кез».

Карабайсыңарбы, турмушту, бирөөгө – өлүм, бирөөгө – той, бирөөгө – ый-муң, бирөөгө – майрам.

Тексттин ушул жерин инсценировкалоо же ролдоштуруп окуу ылайык.

*Катышуучулар:* *Бала*
*Кыз*
*Боорукер аял*
*Хан*
*Майрык-Чаар-Жезкемпир*
*Сакчылар*
*Эл*

Душмандар жыргап-куунап, ырдап-бийлеп отурат. Казандан бышкан эттин, ысык нандын, сарымсак-согондун ичтейди ачкан жыты келет.

Кыргызча кийим кийген, жүдөгөн, корккон, курсагы ачкан ойноок бала менен кыз буларга жакын келет. Эл тегеректеп алат.

*1-сакчы* (кыз менен балага). Силер кимсиңер?

Кыз. Курсагыбыз ачты.

*2-сакчы.* Кайдан келатасыңар?

*Бала.* (Тамактан көзү өтүп). Курсагыбыз ачты.

*Үндөр:* «Кыргыз экен!»
«Кыргыз экен!»
«Душмандар өлбөптүр!»
«Кайра тирилген го!»
«Өлтүрөбүз!»
«Ханга!»
«Ханга алып баргыла!»

(Булар ушинтип чурулдашып атканда Боорукер аял алдыртан балдарга эки кесим эт бере коёт).

*1-сакчы* (Балдарды желкеге түртүп). Жүргүлө ханга!

*2-сакчы.* Жүргүлө! (Ханга алып чыгып кетет).

Топураган, корккон эл.

*1-киши* (2-кишиге). Эй көрдүңбү, бу кыргыз жоголбойт дебедим беле!

*2-киши* (Коркуп, акырын шыбырап). Булар кек кууп келиптир.

*3-киши.* Өлдүк эми. Кыргыздар өлтүрөт. Тим эле жүрбөй...

*Башка көрүнүш. Хан ордосу. Үйдүн оозунда күмүш айбалтачан сакчылар турат. Хан кардай аппак кийизде жан-жөкөрлөрүнүн ортосунда бал кошкон кымыздан ууртап коюп, жаагын жанган ырчылардын мактоо ырларын угуп отурат. Анын үстүнө Кыз менен Баланы алып киришет. Топурап көпчүлүк ээрчип алган.*

*1-сакчы.* Ханым, кыргыздын Кызы менен Баласы келди. (Хан чочуп тура калат. Ишенбей карайт).

*2-сакчы.* Кан кууп келиптир, таксыр.

*Хан* (чочуп, ачууланып). Тынчымды алган ким экен?! Кыргыз уруусун тукум курут кылганыбыз жалганбы?! Силерге түбөлүккө Эне-Сайды тартып бергеним жалганбы?! Эми кимди жан таштап качып жүрөсүңөр? Коркконуңар ушул чыпалактай эки балабы? (Артына кайрылып) Эй, Майрык-Чаар-Жезкемпир! (Майрык-Чаар-Жезкемпир алдына кошоматтана шыпылдай басып келет. Ага карап хан кыйкырат). Бул экөөнү Тайга-токойго алпаргын да, кыргыздын аты чыккыс, үнү угулгус кыл! Экинчи кыргыз деген сөздү кулагым чалбасын! Кыргыз тукумуна жер үстүндө орун жок, түбөлүккө аты өчсүн! Бар, Майрык-Чаар-Жезкемпир, буйрукту аткар!.. (Майрык-Чаар-Жезкемпир эки баланы колунан жетелеп чыгып кетет).

Тексттин жетинчи бөлүгү. Ошентип, балдар Майрык-Чаар-Жезкемпирдин колуна өтөт.

Окуучуларга суроо: Жезкемпир деген кандай каарман? Ага жооп берүүдө балдар жомоктордон, мультфильмдерден көргөнүн эстеп, «Ак кеме» фильмин көргөн болсо андан элестетип, Жезкемпирдин бейнесин көз алдына келтиришет. Ошол Жезкемпирге кошуп автор дагы эки эпитетти – «Майрык» жана «Чаар» деген сөздөрдү колдонуп атат, демек Жезкемпирдин жезкемпирлиги андан бетер тереңдеди. Ал балдарды өлүмгө алып баратат. Жөнөкөй бир адам жетелеп баратса да Кыз менен Бала өлбөй калабы деп ишенсе болот эле, а Жезкемпирге, Майрык Жезкемпирге, Чаар Жезкемпирге, «кыргыз тукумуна жер үстүндө орун жок, түбөлүк аты өчсүн!» деген хан буйругун аткарганы бараткан ошол журт ээсинин эң мыкаачы, эң ишенимдүү желдетине кантип ишенесиң.